**Абдул-Кадим Заллум**

# ДЕМОКРАТИЯ – КУФР СИСТЕМАСЫ

## Аны кабыл алуу да, турмушта колдонуу да жана ага чакыруу да арам

**Хизбут Тахрир басылмаларынан**

بسم الله الرحمن الرحيم

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ
وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡۖ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ فَرُدُّوهُ إِلَى
ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ
ذَٰلِكَ خَيۡرٞ وَأَحۡسَنُ تَأۡوِيلًا ۞ أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ
يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن
قَبۡلِكَ يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ
أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦ وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا
بَعِيدٗا ۞ وَإِذَا قِيلَ لَهُمۡ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَإِلَى
ٱلرَّسُولِ رَأَيۡتَ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ يَصُدُّونَ عَنكَ صُدُودٗا﴾

***- "Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(мусулман)* ***акимдерге моюн сунгула. Эгерде кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, эгер чындап Аллага жана Акырет күнүнө ишенсеңер, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла! Мына ушул жакшыраак жана көркөмүрөөк чечим.*** *(Эй Мухаммад),* ***өэдөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге*** *(Куранга)* ***жана сенден мурунку нерселерге ыйман келтирген деп эсептей турган*** *(айрым)* ***адамдардын шайтанга өкүм сурап барууну каалап жатышкандыктарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган эле.*** *(Анткени),* ***шайтан аларды жолдон бүтүндөй азгырууну каалайт. Качан аларга: Алла түшүргөн Китепке жана пайгамбардын үгүттөрүнө келгиле, - делинсе, бул мунафыктардын сенден катуу жүз үйрүгөндүктөрүн көрөсүң".*** **[4:59-61]**

بسم الله الرحمن الرحيم

● Капыр Батыш мусулмандардын өлкөлөрүнө алып кирген демократия – бул куфр системасы, анын Исламга эч кандай тиешеси жок. Бул система өзүнүн жалпы түшүнүктөрү, келип чыгуу булагы, акыйдасы, курулган негизи, алып келген пикир жана мыйзамдарында Ислам өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери.

Ошондуктан, аны кабыл алуу да, турмушта колдонуу да, ага даъват кылуу да мусулмандар үчүн арам.

● Демократия – бул акимдердин зомбулугунан жана алардын динге жамынып өкүмдарлык кылуусунан кутулуу үчүн адамдар өздөрү ойлоп тапкан башкаруу системасы. Ошондуктан, бул системанын булагы адамдар болуп, анын асмандан түшүрүлгөн вахийге же динге эч кандай байланышы жок.

Демократиянын пайда болуу себеби мындайча болгон: Европада акимдер "Аким - Алланын жердеги өкүлү, ал адамдарга

Алланын бийлиги менен акимчилик кылат. Алла ага мыйзам чыгаруу жана аны ишке ашыруу укугун, т.а. адамдардын үстүнөн өзү чыгарып жаткан мыйзамдар менен өкүм жүргүзүү укугун берген. Себеби, ал өз бийлигин адамдардан эмес, Алладан алат”, - дешчү эле. Алар ушуга негизделип, адамдарга зордук-зомбулук көрсөтүшчү жана кожоюн өз кулуна кожоюндук кылгандай, алар да адамдарга кожоюндук кылышчу.

Натыйжада, алар менен элдин ортосунда күрөш оту тутанды. Бир нече философ жана ойчулдар бутка туруп, өкүм (башкаруу) тармагын терең үйрөнүштү жана адамдарды башкаруу үчүн жаңы түзүм ойлоп табышты. Бул түзүм демократия системасы эле. Бул системанын көз карашы боюнча, эл бийлик булагы болуп эсептелет. Аким өз бийлигин элден алат, сыядат (кожоюндук) да элдики болот. Эл өз эркине өзү ээ, аны өз колуна алып, өз каалоосуна ылайык башкарат. Бир да киши ага өкүмдарлык кыла албайт, ал өзүнө өзү кожоюн. Мыйзамдарды эл өзү чыгарат, ушул мыйзамдар менен башкарат жана ушуларга ылайык жашайт. Акимдерди да эл шайлайт жана алар элге жардамчы катары, эл

чыгарып берген мыйзамдар менен элди башкарат.

Мына ушулардан мындайча тыянак чыгарууга болот, демократия системасынын булагы бир гана адамдар болуп, анын вахийге же динге тиешеси жок.

● Демократия батыш сөзү жана атамасы болуп, "элдин өзү чыгарган мыйзам менен өзүн өзү башкаруусу" дегени, т.а. эл бүтүндөй кожоюндуктун ээси жана бийлик тизгини да анын колунда болот дегени. Ал өз эркин өз колуна алып, аны өзү башкарат. Эл өз бийлигинен башка бийликтин алдында жоопкер эмес. Бийлик ээси деген этибарда, өзү шайлаган депутаттар аркылуу, түзүмдөрдү белгилейт, мыйзамдарды чыгарат жана аларды өзү дайындаган акимдердин, казылардын (соттордун) жардамында иш жүзүнө ашырат. Эл бийлик булагы деген этибар менен, акимдер жана казылар өз бийликтерин андан алышат. Ар бир адам мамлекет курууда, акимдерди шайлоодо, түзүмдөрдү белгилөөдө жана мыйзамдарды чыгарууда бирдей укукка ээ.

Демократия т.а. элдин өзүн өзү башкаруусу – өзүн башкара турган түзүмдөрдү белгилөөгө, мыйзамдарды иштеп чыгууга жана өз

проблемаларын чечүүгө о.э. сот иштерине тиешелүү иштерди тескөөгө – бүткүл элдин катышуусу аркылуу көрүнөт.

Ал эми, турмуш чындыгында болсо, түзүмдөрдү белгилөөгө, мыйзамдарды чыгарууга бүткүл элдин катышуусу мүмкүн эмес. Ошондуктан, эл мыйзам чыгаруучу уюм түзүп, ага өз өкүлдөрүн шайлайт. Булар депутаттар палатасын түзөт. Демократия системасында, депутаттар палатасы жалпы элдин эркин чагылдырат жана ал эл каалоосунун саясий көрүнүшү болот. Депутаттар палатасы бийликти дайындайт жана эл каалоосун иш жүзүнө ашыруу үчүн өкүл жана аким кылып президентти шайлайт. Президент мамлекетти эл чыгарган мыйзамдар менен башкаруу үчүн бийликти элден алат. Демек, эл кожоюн: мыйзамдарды да эл өзү чыгарат; бул мыйзамдарды иш жүзүнө ашыра турган акимдерди да анын өзү шайлайт.

Эл кожоюн болушу үчүн, кожоюндукту колго алып, өз каалоосун өзү толук башкаруусу үчүн, т.а. турмуштун түзүм жана мыйзамдарын иштеп чыгарышы, акимди шайлашы эч кандай сыгым же зомбулуксуз ишке ашырылышы үчүн жалпы эркиндиктер негиз болот. Ошондуктан, демократия ар бир адам үчүн ушул

эркиндиктер толук камсыздандырылышын шарт кылат. Себеби, мына ошондо гана, эл толук эркиндик менен, эч кандай сыгым же зомбулуксуз өз кожоюндук укугун жүзөгө чыгаруу жана өз каалоосун өзү толук башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Бул жалпы эркиндиктер төмөндөгү төрт эркиндикте көрүнөт:

1) Этикат эркиндиги.
2) Пикир эркиндиги.
3) Мүлк эркиндиги.
4) Жеке адам эркиндиги.

- Демократия капитализм мабдаъсы негизделген “динди турмуштан ажыратуу” акыйдасынан келип чыккан. Бул акыйда туруксуз орточо чечим акыйдасы болуп, ал Европа жана Орусиядагы падыша жана императорлор менен философ жана ойчулдардын ортосундагы күрөш себептүү пайда болгон. Ошол кездерде падыша жана императорлор “Биз Алланын жердеги өкүлдөрүбүз” деп, ушуну менен элди эзүү үчүн, аларга зомбулук кылуу үчүн жана алардын канын соруу үчүн динди колдонмо, дин адамдарын болсо курал кылып алышкан эле. Натыйжада, алар менен элдин ортосунда аёосуз күрөш келип чыкты. Бул күрөштүн

таасири менен бир нече философ жана окумуштуулар бутка турду. Алардын айрымдары динди таптакыр жокко чыгарышса, айрымдары динди моюнга алса да, бирок аны турмуштан, т.а. мамлекеттен жана өкмөттөн ажыратууга чакырышчу.

Бул күрөш “орточо чечим”ге, т.а. “динди турмуштан ажыратуу” фикратына токтолуу менен аяктады. Мындан табигый түстө динди мамлекеттен ажыратуу келип чыкты. Мына ушул фикрат капитализм мабдаъсы негизделген акыйда, ошондой эле, анын бардык пикирлери үчүн негиз боло турган пикирий пайдубал болуп калды. Капитализм ушул фикраттын негизинде өзүнүн пикирий багытын жана турмуш тууралуу көз карашын белгилеп, турмуштук бардык проблемаларды анын негизинде чечет. Мындан тышкары, бул фикрат батыш көтөрүп жүргөн жана бүткүл дүйнөнү ага чакырып жаткан идеология болуп калды.

Бул акыйда динди жана чиркөөнү турмуштан, мамлекеттен, кала берсе, түзүмдөрдү белгилөөдөн, мыйзамдарды чыгаруудан жана акимдерди тикелөөдөн о.э. аларды бийлик менен колдоп-кубаттап туруудан четтештирди. Мунун натыйжасында, элдин өз түзүмүн өзү

белгилеши, мыйзамдарын өзү иштеп чыгышы жана элди ушул түзүм жана мыйзамдар менен башкара турган, бийлигин жалпы элдин каалоосунан ала турган акимдерди шайлашы зарыл болуп калды.

Мына ушундан демократия системасы келип чыкты, "динди турмуштан ажыратуу" фикраты анын келип чыгуу акыйдасы жана демократияга тиешелүү бардык пикирлер үчүн негиз болгон пикирий пайдубал болуп калды.

- Демократия эки фикрат негизине курулган:
    1. Сыядат (кожоюндук) - элдики.
    2. Эл – бийлик булагы.

Бул эки фикратты Европа философтору жана ойчулдары ошол убакта Европада өкүм сүргөн "кудайлык укук" назариясын жок кылуу үчүн падышаларга жана императорлорго каршы алып барган күрөштөрүндө көтөрүп чыгышты. Падыша жана императорлор ушул "илахий укук" назариясына негизделип, өздөрү тууралуу төмөнкүдөй ойдо эле: "Биздин эл үстүнөн кудайлык укугубуз бар. Бир гана биз мыйзам чыгарабыз, биз гана акимият (бийлик, өкүм жүргүзүү) жана казылык иштерине ээлик кылабыз. Демек, биз мамлекетпиз. Эл биздин букараларыбыз (жарандарыбыз) болот. Анын мыйзам чыгарууда да, башкарууда да,

казылыкта да, т.а. эч бир нерседе укугу жок. Ал өз пикири жана каалоосуна ээ боло албаган кул катары болот. Ал жалаң гана моюн сунушу жана аткарышы керек”.

Бул эки фикрат, ушул “кудайлык укук” назариясын бүтүндөй жок кылып, мыйзамчылыкты жана бийликти эл колуна тапшыруу үчүн пайда болду. Мунун себеби, эл өзү кожоюн, ал императорлорго жана падышаларга кул эмес. Бир да киши ага кожоюндук кылууга акысы жок. Демек, ал өз каалоосуна өзү ээ болушу жана өз каалоосун өзү башкарышы керек. Антпесе, ал кул болуп калат. Себеби, кулчулуктун мааниси башка бирөөнүн каалоосу менен жүрүү дегени. Ал өз каалоосун өзү башкармайынча кул болуп кала берет. Элди кулчулуктан куткаруу үчүн, анын каалоосун, башкаруу укугун анын өз колуна бериш керек. Мына ошондо, ал каалаган мыйзамын чыгаруу, каалабаганын жоюу укугуна ээ болуп, толук сыядат ээси болот жана өзү чыгарып жаткан мыйзамдарды колдонуу укугуна ээ болот. Каалаган мыйзамдарын колдонуу үчүн, өзү каалаган акимин жана казысын тандайт. Демек, ал бийлик булагы болуп, акимдер өкүмдарлык кылуу укугун андан алышат. Падышаларга

жана императорлорго каршы көтөрүлгөн козголоңдордун жеңип чыгышы менен жана "кудайлык укук" назариясынын кулатылышы менен жогоруда айтылган "кожоюндук – элдики", "эл – бийлик булагы" деген фикраттарды колдонуу жана ишке ашыруу орду-ордуна коюлду. Бул эки фикрат демократия системасынын негизги пайдубалы болуп калды. Эл "сыядат ээси" деген көз караш менен мыйзам чыгаруучуга; "бийлик булагы" деген көз караш менен аткаруучуга айланды.

- Демократия - бул көпчүлүктүн өкүм жүргүзүүсү дегени. Себеби, мыйзам чыгаруучу топтун мүчөлөрү эл тарабынан шайлоочулардын көпчүлүк добушу менен шайланат. Парламенттерде түзүмдөрдү жана мыйзамдарды иштеп чыгуу, өкмөткө ишеним же ишенимсиздик билдирүү көпчүлүк менен чечилет. Парламенттерде, министрлер кеңешинде о.э. бардык кеңеш, жамаат, уюм органдарында чыгарылып жаткан токтомдор көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат. Акимдердин эл тарабынан түздөн-түз (референдум жолу менен) же депутаттардын жардамында шайланышы да, шайлоочулардын көпчүлүк добушу менен ишке ашырылат.

Ошондуктан да, “көпчүлүк” демократия системасында көзгө көрүнгөн белги. Демократиялык системанын көз карашына караганда, көпчүлүктүн райы элдин райын билдирүүчү чыныгы өлчөө болот.

- Бул айтылгандар демократия, анын мааниси, келип чыгуу булагы, пайда болуу абалы, акыйдасы, курулган негиздери жөнүндө болду жана ушуну менен бирге, булар демократияны иш жүзүндө колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүүсү үчүн толук камсыздандырылышы шарт кылынган иштердин кыскача баяндамасы да болуп саналат.

Бул кыскача баяндамадан төмөндөгүлөр маалым болот:

1. Демократия Алланын алдынан келген эмес, балким, ал адам акылынын мөмөсү. Ал асмандан түшүрүлгөн вахийге негизделбейт жана Алла өз пайгамбарларына түшүргөн диндердин бирөөсү менен да байланышы жок.
2. Ал “динди турмуштан ажыратуу”, ошондой эле “динди мамлекеттен ажыратуу” акыйдасынан келип чыгат.
3. Ал эки фикрат негизине курулган:
    1) Кожоюндук - элдики.
    2) Эл - бийлик булагы.

4. Ал – көпчүлүктүн өкүм жүргүзүүсү. Акимдерди жана парламент мүчөлөрүн шайлоо, шайлоочулардын көпчүлүк добушу менен ишке ашырылат. Бардык токтомдор көпчүлүктүн райы менен кабыл алынат.

5. Ал төмөнкү жалпы эркиндиктерди көтөрүп чыгат:

1) Этикат эркиндиги.
2) Пикир эркиндиги.
3) Мүлк эркиндиги.
4) Жеке адам эркиндиги.

Демократия бул эркиндиктер менен ар бир адам толук камсыздандырылышын шарт кылат. Анткени, ал ушуну менен өз кожоюндугун колго алуу жана аны өзү башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошондой эле, акимдерди жана парламент мүчөлөрүн шайлоого катышуу укугун эч кандай кысым же зомбулуксуз толук эркиндик менен аткарат.

- Демократиянын Исламдан эместиги, куфр системаларынын бири экендиги жана Исламга эч кандай тиешеси жок экендиги анын жогоруда келтирилген 1-сыпатына караганда эле белгилүү болот.

Биз демократиянын Исламга тескерилигин жана аны кабыл алуу туурасындагы шариат өкүмүн баян кылуудан мурда, бул демократия

эң илгерки демократиялык (т.а. мурунтан бери демократиялык болуп келе жаткан) мамлекеттерде да иш жүзүндө колдонулбагандыгын жана анын бүтүндөй алдоо менен адаштыруунун үстүнө курулгандыгын айтып өтмөкчүбүз. Ушуну менен бирге, демократиянын бузуктугун, ыпластыгын, бүткүл дүйнөгө алып келген балээлерин, кордуктарын жана аны колдонуп жаткан коомдор канчалык даражада бузукулуктун түпкүрүнө түшүп кеткенин баян кылып бермекчибиз.

- Демократия, түп маанисинен алып караганда, колдонууга жарабай турган, эч качан жүзөгө ашпаган жана мындан ары да ашпай турган кыялый фикрат. Себеби, жалпы иштерди талкулоо үчүн бүткүл элдин түздөн-түз үзгүлтүксүз түрдө катышуусу иш жүзүндө мүмкүн эмес. Ошондой эле, бийлик жана башкаруу иштерине бүткүл элдин ээлик кылуусу да мүмкүн эмес. Ушул себептен улам, ар түрдүү жолдор изделип, ага ар түрдүү түшүндүрмөлөрдү беришти. Ага президент, өкмөт, парламент мүчөлөрү деген атамаларды киргизишти.

Ошондой болушуна карабастан, демократиянын мааниси ар түрдүү

түшүндүрмөлөрдөн кийин деле турмуш чындыгына (вокыйлыкка) дал келбей жатат. Ал иш жүзүндө жүзөгө чыккан жок. Президент, өкмөт жана парламент мүчөлөрүнүн көпчүлүк элдин добушу менен шайлануусу жана депутаттар палатасы жалпы эл каалоосунун саясий көрүнүшү экендиги, элдин көпчүлүк бөлүгүн көрсөтүүчү экендиги акыйкаттан жана вокыйлыктан абдан узак. Анткени, парламент мүчөлөрү элдин көпчүлүгү эмес, азчылыгы тарабынан шайланат. Себеби, парламенттеги ар бир орунга бир эмес, бир нече кишинин талапкерлиги коюлат. Натыйжада добуш берүүчүлөрдүн добушу мына ошол талапкерлерге бөлүнүп кетет. Ошентип, кимдир бирөө өз чөйрөсүндөгү добуш берүүчүлөрдүн көбүрөөк добушуна ээ болсо да, шайлоо укугуна ээ болгон кишилердин көбүрөөк добушуна ээ боло албайт. Мунун натыйжасында, талапкерлердин жеңип чыккандары да элдин көпчүлүгүнүн эмес, балким азчылыгынынын добушуна ээ болушат. Натыйжада, алар элдин көпчүлүгүнүн эмес, балким азчылыгынын өкүлү болуп калышат.

Дал ушундай эле, президент да түздөн-түз шайланса да, парламент мүчөлөрү аркылуу шайланса да, элдин көпчүлүк добушу менен

эмес, балким, азчылык добушу менен шайланат.

Мындан тышкары, Америка жана Британия сыяктуу эң илгерки демократиялык мамлекеттердеги президент жана парламент мүчөлөрү ири ишкерлерден (бизнесмендерден) жана ири мүлкдарлардан (монополисттерден) турган капиталисттердин каалоосун жактап көрсөтүшөт. Элдин каалоосун да, көпчүлүктүн каалоосун да эмес. Себеби, ири капиталисттер бийлик күрсүсүнө жана парламенттерге өздөрүнүн кызыкчылыктарын жүзөгө чыгара турган кишилерди гана олтургузушат. Алар президенттик үчүн жана парламент мүчөлүгү үчүн өткөрүлө турган шайлоолордун сарп каражаттарын көтөрүп, муну менен президенттердин жана парламент мүчөлөрүнүн үстүнөн өкүмдарлык кылууну өз колдоруна алышат. Бул Америкадагы ачык-айкын акыйкат. Британияда болсо, консерваторлор (эзелки каада-салт жана үрп-адаттарды жактоочулар) бийлик башында турушат. Консерваторлор партиясы ишкерлерден жана мүлкдарлардан турган ири капиталисттерди жана аристократ (ак сөөк) лорддор табын жактап көрсөтөт. Лейбористтер (жумушчулар) партиясы болсо, консерваторлордун бийликтен

кетишин талап кыла турган саясий абал жүзөгө келсе гана, бийликке келиши мүмкүн. Мына ушулардан, Америка жана Британиядагы акимдер жана парламент мүчөлөрү элдин каалоосун же көпчүлүктүн каалоосун эмес, балким, капиталисттердин каалоосун т.а. капитализмди жактап көрсөтүүсү маалым болот.

Ошондуктан, "демократиялык мамлекеттердеги парламенттер көпчүлүктүн пикирин жактап көрсөтөт" деген кеп жалган жана адаштыруу. Ошондой эле, "акимдер көпчүлүк эл тарабынан шайланат. Алар бийликти элден алат" - деген сөз да жалган жана адаштыруу болуп саналат.

Мындан сырткары, "Аким жалпы эл каалоосунун саясий көрүнүшү болгон парламент алдында жоопкер, парламент зор мааниге ээ, негизги токтомдорду парламент мүчөлөрүнүн көпчүлүгү макулдук бергенден кийин гана кабыл алат" деген сөз акыйкатка жана вокыйлыкка туура келбейт. Мисалы, Эден (1955-57-жылдардагы Британия премьер-министри) Египетке каршы Сувайш согушун парламентке да, эки-үч министрден тышкары, бийликке шерик болгон башка министрлерге да билдирбестен жарыялаган. Сувайш согушу

улантылып жаткан күндөрдө, конгресс Далестен чоң плотинага тийиштүү документтерди берүүнү жана аны каражат менен камсыздап туруунун себептерин түшүндүрүүнү талап кылган. Ал болсо, документтерди конгресске берүүдөн кескин түрдө баш тарткан. Дагы бир мисал, Де Голл (1959-69-жылдардагы Франция президенти) токтомдорду министрлерине билдирбестен эле кабыл алчу. Ал тургай, мына бул Шах Хусейн (Иордания королу) да маанилүү жана зарыл токтомдорду министрлерине жана парламент мүчөлөрүнө билдирбестен эле кабыл алат.

Ошондуктан, "Демократиялык өлкөлөрдө парламенттер көпчүлүктүн райын жактайт, акимдер көпчүлүктүн райы менен шайланат, алар көпчүлүк каалаган жана көпчүлүк чыгарган мыйзамдар менен өкмөттү башкарат" деп айтуу акыйкатка тескери о.э. ал жалган жана адаштыруудан  башка нерсе эмес.

Бул илгерки демократиялык өлкөлөрдөгү абал. Ал эми, Ислам өлкөлөрүндөгү парламенттердин абалы болсо, мындан да төмөн жана кара күчкө эле парламент болуп саналат. Себеби, Ислам өлкөлөрүндөгү бир да парламент акимге каршы чыгууга, анын өзүн же өкмөт мыйзамын ачык талкууга чакырып,

теңтайлашууга батына албайт. Мисал үчүн, Иорданиядагы парламент мүчөлөрүнүн бардыгы акимияттагы бузукулук, экономикалык кризис шах үй-бүлөсүнүн башкаруусунунун бузуктугу жана мамлекеттик мүлктөрдүн уурдалгандыгы себептүү жүзөгө келип жатканын билишсе да, демократияны кайра куруу жана эркиндиктерди толук камсыздандыруу наамы менен шайланган Шах Хусейнден эсеп-китеп берүүнү талап кылууга жана акимияттын бузукулугуна каршы чыгууга батына албады о.э. парламенттин бир да мүчөсү бул иштерге каршылык көрсөтө алган жок. Балким, алар бар болгону Зайд Ар-Рафий жана башка кээ бир вазирлерге (министрлерге) каршы чыгышты. Ал эми негизи болсо, алар Зайд Ар-Рафий да, башка вазирлер да, болгону бир кичинекей кызматчылар болуп, шахтын уруксатысыз бир да ишти кыла албашын билишчү эле.

Бул маселенин бир жагы, экинчи жагы болсо, көбүнчө мыйзамдарды өкмөт иштеп чыгат. Кийин аны парламентке тапшырат. Бул мыйзамдарды тийиштүү, атайын дайындалган комитеттер үйрөнүп чыгып, ал жөнүндөгү пикирин билдирет. Андан соң, парламент мүчөлөрү аны тастыкташат, ал эми негизи

болсо, алардын көпчүлүгүнүн бул мыйзамдардын вокыйлыгынан таптакыр кабары болбойт. Себеби, мыйзамчылык алардын адистиги эмес.

Ошондуктан “демократиялык өлкөлөрдөгү парламенттер чыгарып жаткан мыйзамдар жалпы элдин каалоосун билдирет жана ал эл кожоюнчулугун көрсөтөт” деген сөз акыйкатка жана вокыйлыкка тескери.

- Демократия системасында акимият жана өкмөт иштерине тиешелүү ачык-айкын кемчиликтер бар. Алардын бири, эгер демократиялык өлкөлөрдө парламентте бүтүндөй үстөмдүккө жетишип, өкмөттү да өзү түзө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ири партиялар болбосо, мындай өлкөлөрдө акимчилик туруксуз болот. Өкмөттөр болсо, тынымсыз арты-артынан келип жаткан саясий кыйынчылыктардын басымы астына түшүп калат. Себеби, бул өлкөлөрдөгү өкмөттүн парламенттеги көпчүлүктүн ишенимине жетиши кыйын болуп, бул иш аны кызматтан бошонуугa мажбур кылат. Кээде президент жаңы өкмөт түзгөнчө айлар өтүп кетет. Натыйжада, бул өлкөдөгү акимчилик шал, дээрлик кыймылсыз болуп калат. Кээде болсо, президент жаңы өкмөт түзүү максатында

парламентти таркатып жиберүүгө жана критерийлерди өзгөртүү менен жаңы шайлоолорду өткөрүүгө мажбур болот ж.б.у.с... Ошентип, бул өлкөнүн акимчилиги туруксуз, саясаты болсо, өзгөрүүчөн жана баш-аламан болуп калат. Италия, Греция жана ушулар сыяктуу кээ бир өлкөлөрдө бир нече партиялар болуп, алардын ичинен бирөөсү да элдин көпчүлүк бөлүгүн өз тарабына оодура алган эмес. Ошондуктан, партиялар ортосундагы тартышуу тынымсыз улана берет. Кээде кичи партиялар да, ага өкмөт түзүүдө шерик болууну сунуш кылып жаткан башка партиялардын үстүнөн өкүмдарлык кылат. Өзүнүн жекече кызыкчылыктарын көздөп, ага кыйын шарттарды коёт. Муну менен азчылыкты гана түзүүчү ушул кичи партиялар башка чоң партиялардын үстүнөн өкүмдарлык кылат. Ушуну менен бирге, бул кичи партиялар ушул өлкөлөрдүн саясаты менен өкмөт чыгарган токтомдорунун үстүнөн да өкүмдарлык кылып калат.

- Адамзат башына түшкөн эң бир чоң балээлердин бири – бул демократия алып келген жалпы эркиндиктер фикраты. Ушул фикрат себептүү, адамзат нечендеген балээ жана апааттарга дуушар болду.

Демократиялык өлкөлөрдөгү коомдор болсо, айбанаттар үйүрүнүн даражасынан да төмөнкү даражага түшүп кетти.

Мүлк эркиндиги фикратынын жана пайда бардык иштердин башкы өлчөөсү болгондугунун натыйжасында ири капитализм пайда болду. Ал өзүнүн өнөр жай, ишканаларын иштетүү үчүн сырьёлорго; өндүргөн товарларын сатуу үчүн базарларга муктаж эле. Ошондуктан, капиталисттик мамлекеттер, ар кандай рухий, ахлакый жана инсаний кыйматтарга (баалуулуктарга) бүтүндөй тескери түстө, өнүгүүдөн артта калган дүйнөнү колония кылуу үчүн, анын материалдык байлыктарын өздөштүрүүнүн жана элдеринин канын соруунун үстүндө өз ара атаандаштыкка түшө башташты.

Чындыгында, ушул капиталисттик мамлекеттердеги ачкөздүк жана суктук күчөп барып, акыр-акыбетте аларды рухий, ахлакый жана инсаний кыйматтардан бүтүндөй ажыратып койду. Алар арам жолдор менен мал-дүйнө арттырууда бири-биринен озуп кетүүгө аракет кылышып, ал тургай, элдердин каны менен соода кылууга чейин жетип барышты. Иштеп чыгарган товарларын сатуу үчүн, чоң пайда келтирүүчү аскердик өнөр жайларын жүргүзүү

үчүн, мамлекеттер жана элдердин ортосуна фитна жана согуш отун жагышты.

Америка, Братания жана Франция сыяктуу империалист демократиялык мамлекеттер бардык инсаний жана ахлакый кыйматтарды жерге тепсешип, адамдын бардык укуктарын бүлүндүрүшүп, адам канынын бекерден-бекерге төгүлүшүнө себепчи болушууда. Ушул эле учурда, алардын демократиялык баалуулуктар, адам укуктары жөнүндө ооз көптүрүп уятсыздарча мактануулары ушунчалык жийиркеничтүү жана күлкүлүү эмеспи. Палестина, Түштүк-Чыгыш Азия, Латын Америка, Африка жана Түштүк Африкада болуп жаткан окуялар алардын канчалык даражада жалганчы жана дажжал экенин, ушунчалык ынсапсыз жана уятсыз экенин, т.а. алардын чыныгы кебете-кешпирин ачып берүүчү жаркын далил болуп саналат.

Ал эми, жеке адам эркиндиги фикратына келсек, ал демократиялык өлкөлөрдөгү коомдорду эң төмөнкү айбандык даражадагы коомдорго айландырды, ал тургай, аларды айбандар да түшпөгөн өтө жийиркеничтүү бузукулук даражасына түшүрүп койду. Алла Таала бул тууралуу:

أَرَأَيْتَ مَنِ اتَّخَذَ إِلَٰهَهُ هَوَاهُ أَفَأَنْتَ تَكُونُ عَلَيْهِ وَكِيلًا ۞ أَمْ
تَحْسَبُ أَنَّ أَكْثَرَهُمْ يَسْمَعُونَ أَوْ يَعْقِلُونَ إِنْ هُمْ إِلَّا كَالْأَنْعَامِ بَلْ
هُمْ أَضَلُّ سَبِيلًا

*- "Кабар берчи, ким напис-каалоолорун кудай кылып алган болсо, сен анын үстүнөн өкүл-корукчу болосуңбу?! Же сен алардын көпчүлүгүн (акыйкат сөздү) уга алышат же түшүнө алышат деп ойлойсуңбу?! (Андай эмес, анткени), алар эч нерсе эмес, болгону, мал сыяктуулар. Жок, алар андан да жолдон адашканыраак адамдар!"* [25:43-44]
- деп, абдан туура айткан.

Бул демократиялык коомдордо арам жолдогу жыныстык мамилелер, ушул демократиялык өлкөлөрдүн парламенттери чыгарган жана чиркөөлөрү ыраазылык билдирген мыйзамдык документтер аркылуу, кудум суу ичкендей эле адал нерсеге айланып калды. Бул мыйзамдарга таянып, эгер эркек жана аял он сегиз жашка толсо, алар эркин (эч бир каршылыксыз) бирге жашоолору жана өз ара жыныстык мамилелерде болуулары мүмкүн болот. Мамлекет да, ата-энелер да бул жыныстык мамилелерден кайтаруу укугуна ээ эмес.

Ал эми, иш жалаң эле ушул табигый мамилелерге мыйзамдуу түрдө уруксат берүү менен чектелип калбады. Балким, табигый болбогон жыныстык мамилелерге да мыйзамдуу түрдө уруксат берилди. Ал тургай, кээ бир демократиялык өлкөлөр табигый болбогон жыныстык мамиледе болуучулар ортосундагы никеге, т.а. эркектин-эркекке, аялдын-аялга үйлөнүүсүнө да уруксат берди.

Ошондуктан, жолдордо, көчөлөрдө, бактарда жана автобустарда жаш жигит-кыздар бири-бири менен кучакташып, өбүшүп турганын, бири-бирине адепсиздерче тийишип, ырсалаңдашып жатканын көп учуратабыз. Мындай абалдар эч кимдин көңүлүн бурбай турган же эч кимди таң калтырбай турган күндөлүк жана табигый көрүнүштөргө айланып калды. Себеби, бул иш алардын назарында, табигый жана кадимки эле бир иштерден болуп эсептелет.

Бул сыяктуу табигый иштердин дагы бири – жайында аялдардын күн нуруна кактануулары. Алар бактарда же көлмө жээктеринде уяттуу жерлериндеги эки энсиз нерселерин айтпаганда, энеден туума, жып-жылаңач, чалкасынан түшүп жатышат. Ошондой эле, жайкысын жарым жылаңач абалда, денесинин

аз эле бөлүгүн жаап жүрүүлөрү да катардагы бир иштерден болуп калды.

Чындыгында эле, табигый болбогон жана адаттан тышкаркы жыныстык мамилелер бул төмөнкү демократиялык коомдордо толуп ташты. Эркектер арасында баччабоздук (педерастия), аялдар арасында айымсойкулук (лесбиянство) жана айбандар менен жыныстык мамиледе болуу (содомия) учуна чыкты. Ошондой эле, али айбандар дүйнөсүндө, малканаларда кездешпеген иштер пайда болду, т.а. бир нече эркек жана аялдар өз ара, бир эле мезгилде жыныстык мамиледе боло турган уюшкан бузукулуктар (полиандрия) да көбөйдү.

Америка гезиттеринин биринде төмөндөгү статистикалык маалымат берилген: "Америкада 25 миллион жигит ортолорундагы никени мыйзамдуу деп таанылышын жана аларга да табигый нике укуктарындай эле укуктар берилишин талап кылышкан". Гезиттердин дагы бири мындай кабар таратты: "Америкада бир миллион адам өзүнүн апалары, кыздары жана эже-сиңдилери менен жыныстык мамиледе болот".

Бул айбандык бузукулуктардын натыйжасында жыныстык оруулар жайыла

баштады. Алардын эң коркунучтуусу “СПИД”. Ошондой эле, никесиз туулган балдар көбөйдү. Ал тургай, гезиттердин бири: “Англичандардын 75 проценти никесиз туулган” деп кабарлаган.

Бул коомдордо үй-бүлө биротоло бузулуп кетти. Ата-эне, перзент, ага-ини жана эже-сиңдилердин ортосунда мээрим жоголду. Ал тургай, ондогон, балким, жүздөгөн карылык жашындагы кишилер менен аялдардын көчө жана бактарда иттер менен бирге жүргөнүн көрүү көнүмүш абалга айланган. Бул иттер үй-жайларда, ашкана жана жатаканаларда да алар менен бирге болуп, жалгыздыкта алардын көңүл коштоочулары болот. Себеби, алардын ушул иттерден башка бир да жакыны, сүйлөшүп чер жазыша турганы жок, алар жалгыздыкта жашашат.

- Булар демократиялык “баалуулуктар” алып келген жана батыш асман-айга көтөрүп мактап жаткан жалпы эркиндиктердин үлгүлөрү о.э. демократиянын маданий келбетинин бир көрүнүшү. Батыш муну менен сыймыктанып, ушуга чакырууда жана бүткүл дүйнө ушул көрүмсүз келбетте батышка шерик болуусу үчүн, аны бүткүл дүйнөгө жаюуда. Бул үлгүлөр бир гана нерседен, т.а. демократиянын канчалык даражада бузук жана чирик

экенинен, канчалык жагымсыз жана жийиркеничтүү экенинен кабар берет.

Батыштагы демократиялык коомдор жеке адам эркиндиги себептүү тизгини бошогон боштондуктун натыйжасында, айбандар да түшпөгөн жийиркеничтүү ыпластык даражасына түшүп калганы ачык-айкын болушуна карабастан;

Батыш демократиялык империализм себептүү бүткүл дүйнө башына түшкөн балээлер; колония кылынган жана өнүгүүдөн артта калган элдердин тарткылыктары: материалдык байлыктардын уурдалышы, табигый байлыктарынын таламан кылынып жардыланышы, элдеринин кордолушу жана өлкөлөрүнүн империалисттердин өнөр жайы жана өндүрүлгөн товарлары үчүн империалисттердин базарларына айландырылышы – булардын бардыгы ачык-айкын көрүнүп турганына карабастан;

Демократия негизги түп маанисинен алып каралганда, колдонууга жараксыздыгына жана бурмалап түшүндүрмө берилгенден кийин да мааниси вокыйлыкка дал келбегендигине о.э. вокыйлыкта эч качан турмушка ашпагандыгына карабастан;

Демократиянын: “Парламент - жалпы эл каалоосун көтөрүп чыгат. Ал жалпы эл каалоосунун саясий көрүнүшү. Ал көпчүлүктүн пикирин көтөрүп чыгат. Парламенттеги депутаттардын көпчүлүк добушу менен чыгарылып жаткан мыйзамдар элдин көпчүлүгүнүн каалоосун билдирет”, - деген сөздөрү жана – “Акимдер элдин көпчүлүгү тарабынан шайланат. Алар акимчиликти элден алат”, - деген сөздөрү жалган жана адаштыруу экенине карабастан;

Качан кайсы бир өлкөдө парламентте толук үстөмдүктү ээлешке кудреттүү ири партиялар болбогон учурда, демократия мыйзамындагы өкмөт жана акимдерге тиешелүү иштерде көзгө даана көрүнө турган кемчиликтер болушуна карабастан;

Жогорудагылар, балким алардан да көп кемчилдиктери боло туруп, капыр батыш өзүнүн бузук демократиялык пикирлери үчүн мусулмандар өлкөлөрүндө базар ача алды.

- Капыр Батыш Ислам өкүмдөрүнө эч кандай байланышы болбогон демократиялык капыр пикирлери үчүн мусулмандар өлкөсүндө базар ачууга кантип мүмкүнчүлүк тапты?

Мунун себеби төмөндөгүдөй: капыр батыш өлкөлөрү Ислам жана мусулмандарды абдан

жек көрөт. Алардын душмандыгы ашынган. Алла Таала бул абалды мындай сыпаттайт:

قَدْ بَدَتْ الْبَغْضَاءُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ

- *"Алардын силерди жек көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыгы болсо андан да чоңураак"*.[3:118]

Капыр батыш мамлекеттери мусулмандар кубатынын сыры Ислам экендигин, Ислам акыйдасы мусулмандар үчүн зор кубат булагы экендигин түшүнүп жетишти. Ушундан кийин, Ислам дүйнөсүнө миссионердик жана сакофий жүрүштөрүн уюштуруу үчүн чоң-чоң пландарды түзүштү. Ушул жүрүштөрдүн арасында алар өз сакофаттарын, пикирлерин (демократия да ушул пикирлерден), дүйнө карашын жана турмуштук назар нуктасын жайышты. Алардын максаты, мусулмандар ушул нерселерди – өздөрүнүн пикир жүргүзүүлөрү үчүн жана турмуш тууралуу көз караштарын калыптандыруулары үчүн – негиз кылып алууларына жетиштүү эле. Алар муну менен мусулмандарды Исламдан оодуруну жана Исламга амал кылуудан, Ислам өкүмдөрүн колдонуугa көңүл буруудан узакташтырууну максат кылышкан. Анткени, муну менен, аларга Ислам Мамлекети -

Халифалык мамлекетин жок кылуу, кала берсе, Ислам жана Ислам өкүмдөрүнүн турмушта, мамлекетте жана коомдо колдонулушуна чек коюу оңой болсун. Алар мусулмандардын ушул пикирлерди, түзүм жана мыйзамдарды кабыл алышып, Исламдын ордуна ушуларды колдонуп, ушуларды ишке ашырышын максат кылышты. Мына ушуну менен мусулмандар Исламдан узакташсын жана алардын үстүнөн окүмдарлык кылуу мүмкүнчүлүгү туулсун. Алла Таала алар жөнүндө төмөндөгү аятта аябай туура айткан:

وَلَنْ تَرْضَى عَنْكَ الْيَهُودُ وَلَا النَّصَارَى حَتَّى تَتَّبِعَ مِلَّتَهُمْ قُلْ إِنَّ هُدَى اللَّهِ هُوَ الْهُدَى وَلَئِنْ اتَّبَعْتَ أَهْوَاءَهُمْ بَعْدَ الَّذِي جَاءَكَ مِنْ الْعِلْمِ مَا لَكَ مِنْ اللَّهِ مِنْ وَلِيٍّ وَلَا نَصِيرٍ

*- "Жөөттөр менен насронийлер сен алардын динине кирмейинче, эч качан сенден ыраазы болушпайт. Айткын: "Алланын жолу гана чыныгы жол". Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден кийин да, алардын көңүлү каалаган нерселерине ээрчип кетсең, Алла тарабынан сага эч бир дос да, жардамчы да болбойт".* [2:120]

Чынында эле, бул миссионердик жана сакофий чабуул XIX кылымдын экинчи

жарымына, Осмонийлер мамлекетинин акыркы күндөрүнө келип дагы да күчөдү. Ошол кезде мусулмандардын пикирий жана саясий калактыгы абдан күчөгөн, ал эми Европада болсо, пикирий жана өндүрүштүк төңкөрүштөр, ошондой эле, илимий жаңы ачылыштар жана жаңы ойлоп табуулар пайда боло баштаган. Бул болсо, Европанын өнүгүүгө карай тездик менен кадам таштоосуна себеп болду. Натыйжада, күчтөрдүн тең салмактуулугу бузулуп, Европа мамлекеттеринин пайдасын көздөй жүрө баштады. Осмонийлер мамлекети болсо, өсүп-өнүгүүдөн бүтүндөй токтоп, күндөн-күнгө күчсүздөнүп бара жатты. Бул абал батыш сакофатынын, пикирлеринин, дүйнө карашынын, турмуштук назар нуктасынын жана мыйзамдарынын мусулман өлкөлөрүнө кириши үчүн эшик ачып берди.

Европа мамлекеттери исламий өлкөлөргө кылган миссионердик жана сакофий жүрүштөрүндө Исламдын кадырын кетирүү, Ислам өкүмдөрүн каралап көрсөтүү, мусулмандарда Ислам жөнүндө (ал азыркы заман талаптарына жооп бере албайт - деген жана ушул сыяктуу) күмөндөрдү ойготуу ыкмаларын колдонушту. Алардын артта калууларынын жана түшкүндүктөрүнүн негизги

себепчиси – ислам деп, Исламды жек көрсөтүштү. Ушул эле учурда, батыш жана анын дүйнө карашын даңазалап, анын пикирлери менен демократиялык түзүмүн даңкташты, мыйзамдарын көкөлөтүштү.

Ошондой эле, алар чалгытуу ыкмасын да колдонушту. Мусулмандарга “биздин дүйнө карашыбыз исламдын дүйнө карашына тескери эмес, анткени, ал да исламдан алынган. Биздин түзүм жана мыйзамдарыбыз ислам өкүмдөрүнө тескери эмес” деген жалган пикирлерди берип, аларды чалгыта башташты.

Өздөрүнүн демократиялык мыйзам жана пикирлерине Ислам сапатын кошуп: “бул мыйзам жана пикирлер Исламга эч кандай тескери эмес, балким, ал да Исламдан. Себеби, демократия – “шоро”нун; амру маъруф, нахий мункардын; ошондой эле акимдерди тергеп туруунун дал өзү” деп, түшүндүрүү иштерин алып барышты. Бул ыкмалар мусулмандарга катуу таасир этип, алардын үстүнөн батыш пикилеринин жана дүйнө карашынын өкүмдар болушуна алып келди.

Ошондой эле, ушул ыкмалардын таасиринде мусулмандар Осмонийлер мамлекетинин акыркы күндөрүндө кээ бир батыш мыйзамдарын, халифалык мамлекети

кулатылгандан кийин болсо, батыш мыйзамдарынын көпчүлүк бөлүгүн кабыл кылып алышты.

Бул ыкмалар интеллигенттер тобуна, саясатчыларга, ал тургай, исламий сакофат ээлерине жана исламий даъватты жаюучулардын кээ бирлерине, ошондой эле, жалпы мусулмандарга да таасир этти.

Ал эми, интеллигенттер тобуна келсек, алардын батышта таалим алгандары да, мусулман өлкөлөрүндө таалим алгандары да, таалимдеринин негизи болгон батыш сакофатынан таасирленишти. Себеби, биринчи дүйнөлүк согуштан кийин, мусулмандардын өлкөлөрүндөгү таалим программалары батыш философиясынын жана турмуш жөнүндөгү батыш көз карашынын негизинде түзүлгөн эле. Ал тургай, көпчүлүк интеллигенттер батыш сакофатына берилип, анын ыкласманына айланышты. Алар ушул сакофатты алып келген батышты улуулап, Ислам сакофатын жана өкүмдөрүн, эгер батыш сакофаты жана мыйзамдарына тескери келсе, моюнга албастан, каршылык кыла турган болуп калышты. Алар Исламды, капыр европалык кандай жаман көрсө, ошондой жаман көрө турган болушту; Исламга, анын сакофатына,

мыйзам жана өкүмдөрүнө капыр европалык кандай душман болсо, ошондой душман болуп калышты. Алар батышка, анын дүйнө карашына, пикирлерине, түзүм жана мыйзамдарына үндөй турган о.э. Исламга, анын дүйнө карашына, мыйзам жана өкүмдөрүнө каршы үгүт жүргүзө турган, Исламдын урмат-сыйын төгө турган батыштын жарчы керней-сурнайларына айланып калышты.

Ал эми, саясатчыларга келсек, чындыгында эле, алар батышка жана анын мыйзамына катуу ыклас коюп, ага байланып калышты. Аны жардам сурап, сүйөнө турган ыйык кыбыла кылып алышты. Өздөрү болсо, анын түзүм жана мыйзамдарын коруктачу кароолчуга, анын кызыкчылыктарын коргоочу сакчыга, фитналарды ишке ашыруучу фигураъга, чын дилден берилген малай жана кызматчыларга айланышты. Кала берсе, алар Алла жана пайгамбарына душмандарча мамиледе болуп, саясий Ислам жана анын калыс даъватчыларына каршы чабуул башташты. Халифалыкты тикелөө жана Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүүнү кайра баштоонун алдын тосуу үчүн, бар күч-кубатын сарпташты жана сарптап жатышат. Аларды

Алла наалаттайт! Аттиң, алар кандай гана катуу адашууда!

Эми исламий сакофат ээлерине келсек, алар Исламды толук түшүнүшпөгөн жана шаръий өкүмдөр вокыйлыгынын акыйкатын билишпеген. О.э. батыш дүйнө карашынын, пикирлеринин жана мыйзамдарынын вокыйлыгынын акыйкатын да толук түшүнүп жетишпеген эле. Алар батыш дүйнө карашы, пикирлери жана көз карашы Ислам акыйдасына, өкүмдөрүнө, жана дүйнө карашына тескери экенин анык түшүнүшкөн эмес.

Буларга мусулмандардын зээндерине кирип келген Ислам жана анын өкүмдөрүн түшүнүүдөгү кайдыгерлик жана Ислам шариатын коомго колдонууну ката түшүнүү себепчи болду. Ушул себептен улам, Ислам, өз нусустарына (Куран жана Хадиске) дал келбей турган нерселер менен тафсир кылына турган болду жана учурдагы вокыйлык Ислам өкүмдөрүнө ылайык өзгөртүлүүнүн ордуна, тескерисинче, Ислам өкүмдөрү ушул вокыйлыкка ылайыкташуу үчүн бурмаланып түшүндүрүлө турган болуп калды.

Натыйжада, мусулмандар өздөрү ойлоп тапкан "замандын өзгөрүшү менен өкүмдөр да

өзгөрүшү мүмкүн” деген ката коиданы далил кылып, шариатта таптакыр негизи болбогон, же күчсүз негизи болгон өкүмдөрдү кабыл алышты. Ислам ар бир мазхабга, ар бир пикирге, ар бир мабдаъга – ал тургай, ал Ислам өкүмдөрү менен көз карашына тескери болсо да – туура келиши үчүн, көпчүлүктүн тилинде бурмалана баштады. Алар “Батыш дүйнө карашы жана пикирлери Ислам дүйнө карашына жана өкүмдөрүнө тескери эмес. Себеби, ал Ислам дүйнө карашынан алынган” - дешти. Буга кошумча “башкарууга тиешелүү демократиялык түзүм, экономика тармагындагы капиталисттик түзүм – Ислам өкүмдөрүнө тескери эмес” дешти. Негизи болсо, бул экөөсүнүн вокыйлыгы алып каралганда, экөөсү тең куфр түзүмү эле. Алар дагы “Демократия жана жалпы эркиндиктер Исламдан” дешти. Ал эми негизи болсо, булар Исламга бүтүндөй тескери жана карама-каршы эле.

Ушул себептүү, мусулмандарда – башкалардан алууга мүмкүн болгон нерселер менен Исламдын өзүнөн гана алына турган, башкалардан алууга болбой турган нерселердин – айырмасы анык болбой, чиеленишип кетти. Биринчи бөлүмгө (т.а. алуу

мүмкүн болгон нерселерге): медицина, фармацевтика, геометрия, химия, дыйканчылык жана өнөр жай илимдери, жол кыймылы жана байланыш тармактарына тиешелүү мыйзам-эрежелер жана ушулар сыяктуу мубах нерселер кирет. Бул нерселер Исламга тескери болбосо эле, мусулмандардын аларды алуулары мүмкүн.

Экинчи бөлүгүнө (т.а. алуу мүмкүн болбогон нерселерге): акыйдага жана шаръий өкүмдөргө тиешелүү бардык нерселер кирет. Бул нерселер бир гана Расулулла ﷺ алып келген Куран жана Сүннөттөн, ошондой эле, Куран жана Сүннөт жолдогон Сахабалардын ижмоъсы менен Кыястан гана алынышы мүмкүн.

Ушул нерселер мусулмандарга анык, ачык-айкын болбогондуктан, капыр батыш мусулмандардын өлкөлөрүнө өзүнүн дүйнө карашын жана демократия түзүмү менен экономика түзүмүнүн пикирлерин о.э. жалпы эркиндиктер жөнүндөгү пикирлерин алып кирүүгө жетишти.

- Биз демократиянын Исламга тескерилиги жана аны алуу жөнүндөгү шариат өкүмүн баян кылуудан мурда, мусулмандар башка үммөт жана элдердеги нерселерден эмнелерди алуулары мүмкүн жана эмнелерди алуулары

арам экендиги жөнүндөгү теманы шариат нусустары жана өкүмдөрүнө ылайык сунуш кылууну туура таптык.

1. Адам кыла турган бардык иштер жана ушул иштерге байланыштуу болгон бардык нерселер жөнүндөгү негизги коида: Расулулла ﷺга эргешүү жана ал зат келтирген дин өкүмдөрүнө чектелүү. Себеби, өкүм аяттарынын (өкүмдөр баян кылынган аяттардын) бардыгы ар бир иште шариатка кайтуу жана шариат өкүмдөрүнө чектелүү важып экендигин билдирет.

Алла Таала мындай дейт:

وَمَا آتَاكُمْ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا

*- "Пайгамбар силерге эмнени алып келген болсо, аны алгыла, эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла".* [59:7]

Дагы айтат:

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ

*- "Жок! Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт".* [4:65]

Дагы айтат:

وَمَا اخْتَلَفْتُمْ فِيهِ مِنْ شَيْءٍ فَحُكْمُهُ إِلَى اللَّهِ

*- "Силер өз ара келише албаган ар бир нерсенин өкүмү Аллага кайтарылат".* [42:10]

Дагы айтат:

فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ

*- "Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла".* [4:59]

Расулулла ﷺ имам Бухарий жана имам Муслим рываят кылган хадистерде айтат: "Кимде-ким биздин буйруктарыбыздан болбогон кандайдыр бир ишти кылса, ал кайтарылган". "Кимде-ким бул ишибизде андан болбогон нерсени пайда кылса, ал кайтарылган".

Бул аят жана хадистер, бардык иштер жана нерселердеги негизги коида: шариатка эргешүү жана ага чектелүү важып – экендигин билдирет. Мусулман кайсыл бир иштин өкүмүн билбей туруп, аны кылууга киришүүсү же аны таштоосу мүмкүн эмес. Ушул иш жөнүндөгү Алланын өкүмүн билгенден кийин гана, эгер ал важып же мандуб иш болсо, аны кылууга киришет. Арам же макрух болсо аны таштайт, эгер мубах болсо, аны кылууда жана кылбоодо ыктыярдуу болот.

Ошондуктан, адамдын иштериндеги негизги коида – Алланын өкүмүнө чектелүү. Адамдардын иштерине байланыштуу болгон нерселер жөнүндөгү негизги коида болсо, эгер анын арам экендигине далил келбеген болсо эле, ал мубах болот. Эгер анын арам экендигин билдире турган шаръий далил келсе гана арам болуп калат. Мунун баяны төмөндөгүдөй: шаръий нусустар бардык нерсени мубах кылган. Анткени, нерселер жөнүндөгү нусустар ар бир нерсени өз ичине алып умумий келген. Алла Таала айтат:

أَلَمْ تَرَوْا أَنَّ اللَّهَ سَخَّرَ لَكُمْ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الْأَرْضِ

- *"Алла силерге асмандар жана жердеги бардык нерселерди моюн сундуруп койгонун көрбөдүңөрбү?!"*

[31:20]

Алла Тааланын адамга жер-асмандагы бардык нерселерди моюн сундуруп коюусу, ушул нерселерди адамга мубах кылып бергендиги болот. Алла Таала дагы айтат:

هُوَ الَّذِي خَلَقَ لَكُمْ مَا فِي الْأَرْضِ جَمِيعًا

- *"Ал Зат силер үчүн жердеги бардык нерселерди жаратты".* [2:29]

يَاأَيُّهَا النَّاسُ كُلُوا مِمَّا فِي الْأَرْضِ حَلَالًا طَيِّبًا

*- "Эй адамдар жердеги адал-таза нерселерден жегиле".* [2:168]

هُوَ الَّذِي جَعَلَ لَكُمْ الْأَرْضَ ذَلُولًا فَامْشُوا فِي مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا مِنْ رِزْقِهِ

*- "Ал (Алла) силер үчүн жерди моюн сунуучу кылып койгон Зат. Эми, анын (жердин) ар тарабында жүрө бергиле жана (Алланын берген) ырыскысынан жегиле".* [67:15]

ж.б.у.с. нерселердин мубах экендиги жөнүндө келген бардык аяттар, умумий келген болуп, алардын умумий келиши бардык нерселердин мубах экендигин билдирет. Демек, нерселердин мубах экендиги Шореънин (мыйзам чыгаруучу Заттын) умумий сөзү менен келген. Эгер кайсы бир нерсе арам кылынган болсо, бул нерсенин мубах экендигин ажырата турган умумийликти чектей турган нусус зарыл болот. Алла Тааланын ушул сөзү сыяктуу:

حُرِّمَتْ عَلَيْكُمْ الْمَيْتَةُ وَالدَّمُ وَلَحْمُ الْخِنزِيرِ وَمَا أُهِلَّ لِغَيْرِ اللَّهِ بِهِ وَالْمُنْخَنِقَةُ وَالْمَوْقُوذَةُ وَالْمُتَرَدِّيَةُ وَالنَّطِيحَةُ وَمَا أَكَلَ السَّبُعُ إِلَّا مَا ذَكَّيْتُمْ وَمَا ذُبِحَ عَلَى النُّصُبِ

*- "Силерге өлүмтүк, кан, доңуздун эти, Алладан башка бирөөнүн жолунда союлган*

*нерсе, муунуп өлгөн, уруп өлтүрүлгөн, бийик жерден кулап өлгөн, (башка бир айбан менен) сүзүшүп өлгөн жана жырткыч айбан тиштеп өлтүргөн жаныбарлар арам кылынды. Бирок (бул жаныбарларды жаны чыкпай туруп) союп жиберүүгө үлгүрүп калган болсоңор, адал болот. Жана буддаларга атап союлган айбан-дардын (этин жеш) арам кылынды".* [5:3]

Демек, нерселер жөнүндөгү түпкү коида – "нерселердин мубах экендиги".

2. Ислам шариаты, болуп өткөн бардык окуялардын, учурда жүзөгө чыгып жаткан бардык проблемалардын жана келечекте пайда болушу мүмкүн болгон бардык иштердин өкүмдөрүн өз ичине камтыган. Өтмүштө болгон, азыркы учурда болуп жаткан же келечекте боло турган кандайдыр бир нерсе болсо, анын шариатта өкүмү бар. Чындыгында эле, Ислам шариаты адамдын бардык иштерин жалпы түстө толугу менен камтып алган. Алла Таала мындай дейт:

وَنَزَّلْنَا عَلَيْكَ الْكِتَابَ تِبْيَانًا لِكُلِّ شَيْءٍ وَهُدًى وَرَحْمَةً وَبُشْرَى لِلْمُسْلِمِينَ

- *"Жана сага – бардык нерсени баян кылып берүүчү, хидаят, рахмат жана мусулмандар*

*үчүн куш кабар болгон Китеп – Куранды түшүрдүк”.* [16:89]

Дагы айтат:

فَرَّطْنَا فِي الْكِتَابِ مِنْ شَيْءٍ

*- “Китепте бир да нерсени этибарсыз калтырбадык”.* [6:38]

Дагы айтат:

الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِينًا

*- “Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, неъматымды кемчиликсиз кылып баарын бердим жана силер үчүн (бир гана) Исламды дин кылып тандадым”.* [5:3]

Ислам шариаты пенделердин иштеринин бирөөсүн да, ал кандай болбосун, көңүлдөн сыртта калтырбады. Балким, Ислам Куранда жана Хадисте бул иш үчүн кайсыдыр бир нусусту (анын өкүмүн билдирүүчү) далил кылып келтирди же Куранда жана Хадисте бир ишара койду. Бул ишара аркылуу шариаттын максаты жана ошол иштин шаръий өкүмүн белгилөөгө үндөөчү түрткү жөнүндө кабар берет. Анткени, ушуну менен бул шаръий өкүм, өзүндө ушул ишараны камтыган ар кандай ишке дал келсин. Адамдын кайсы бир ишине

далилдин болбошу, же өкүмүнө далалат кылуучу ишаранын болбошу шаръан мүмкүн эмес. Себеби, Алла Тааланын:

تِبْيَانًا لِكُلِّ شَيْءٍ

- *“Бардык нерсени баян кылып берүүчү”.* [16:89]

деген умумий сөзү, “Алла Субханаху ва Таала бул динди толук кылды” деген ачык-айкын нусустары бар.

3. Жогорудагыларга караганда, мусулмандар башка үммөт жана элдерде болгон нерселерден эмнелерди алуусу мүмкүн жана эмнелерди алуусу мүмкүн эместигин айкындаштырууга болот.

Илим, өнөр жай, жаңы ачылыш жана ушул сыяктуу нерселерге тиешелүү бардык пикирлерди, илим, өнөр жай жана анын өнүгүшүнөн келип чыккан бардык маданий көрүнүштөрдү - эгер алар Исламга тескери келбесе - алуу мүмкүн. Эгер Исламга тескери келсе алуу арам болот.

Себеби, илим, өнөр жай жана жаңыдан ойлоп табууларга тиешелүү бардык пикирлер жана алардан келип чыгып жаткан бардык маданий көрүнүштөрдүн акыйдага да, адамдын турмушундагы проблемаларын чече турган

шаръий өкүмдөргө да байланышы жок. Балким, алар адам турмушундагы иштеринде иштете турган мубах нерселер болуп саналат.

Буга адам барлыктагы болгон бардык нерселерден пайдалануусу мубах экендиги жөнүндө келген умумий аяттар жана төмөнкү хадистер далил болот. Имам Муслим рываят кылат, Расулулла ﷺ айтты: "Мен да силер сыяктуу адаммын. Эгер мен силерди диниңердин иштеринен кайсыдыр бир нерсеге буйрусам, аны аткаргыла (алгыла). Эгер дүйнө иштеринен кайсыдыр бир нерсеге буйрусам, мен да (силер сыяктуу эле бир) адаммын (т.а. мен да дүйнө иште-ринде ката кылышым мүмкүн)". Курма дарагын чаңдаштыруу окуясы айтылган хадисте болсо, Расулулла ﷺ: "Силер дүйнө иштериңерди жак-шыраак билесиңер", - деди. Ошондой эле Расулулла ﷺ бир нече сахабаны Ямандын Жураш шаарына курал жасоону үйрөнүү үчүн жөнөткөн.

Ошондуктан, акыйда жана өкүмдөргө тиешелүү болбогон ар бир нерсени, эгер ал Исламга тескери болбосо жана арам экендигине далил келбеген болсо, алуу мүмкүн.

Ушуга караганда медицина, геометрия, матиматика, астрономия, химия, физика,

дыйканчылык, өнөр жай, деңизчилик, география жана байланыш тармагына тиешелүү бардык илимдерди алуу мүмкүн. Ошондой эле, өндүрүш жана аны өнүктүрүү; өндүрүш куралдарын ойлоп табуу жана аны өркүндөтүү жөнүндө талкуу жүргүзө турган экономикалык билимди да алууга болот. Себеби, ал бир гана Исламга, же бир эле капитализмге, же болбосо, социализмге гана таандык эмес. Балким, ал – бүткүл дүйнөлүк илим. Ушул айтылган илимдер, эгер Исламга тескери келбесе, аларды алуу мүмкүн. Ал эми, "адамдын келип чыгыш теги маймылдан" деген Дарвин назариясын алуу мүмкүн эмес. Себеби, ал Алла Тааланын төмөнкү сөзүнө тескери:

خَلَقَ الْإِنسَانَ مِنْ صَلْصَالٍ كَالْفَخَّارِ

*- "Ал Зат (Алла) адамды (т.а. Адам алайхис-саламды) чопо сыяктуу кургаган кара ылайдан жаратты".* [55:14]

وَبَدَأَ خَلْقَ الْإِنسَانِ مِنْ طِينٍ ۞ ثُمَّ جَعَلَ نَسْلَهُ مِنْ سُلَالَةٍ مِنْ مَاءٍ مَهِينٍ

*- "Ал адамды ( т.а. Адам алайхис-саламды) эң оболу ылайдан жаратты. Андан кийин анын насилин жийиркеничтүү бир тамчы суудан турган нутфадан пайда кылды".* [32:7-8]

وَمِنْ آيَاتِهِ أَنْ خَلَقَكُمْ مِنْ تُرَابٍ

- *"Алланын (кудайлык кудуретин көрсөтө турган) аят белгилеринин (бири) - Ал Зат силерди (т.а. атаңар Адамды) топурактан жаратkandыгы".* [30:20]

Бул илимдерди алуу мүмкүн болгондой эле, алардан келип чыккан өнөр жай товарларын, аспап-шаймандарды, буюм-жабдыктарды жана маданий көрүнүштөрдү да алууга болот. Ошондой эле, арамдыгы жөнүндө нусус келген айкел жасоочу, мас кылуучу ичимдиктерди чыгаруучу, крест иштеп чыгаруучу ж.б.у.с. ишканалар жана алардын товарларынан тышкары, башка бардык өнөр жай ишканаларын жана алардын бардык товарларын алуу мүмкүн. Бул өнөр жайлар аскердик өнөр жайбы, же аскердик эмеспи, оор өнөр жайбы же жеңил өнөр жайбы, мунун айырмасы жок. Танк, самалёт, ракета жана жер жандоочусу; атомдук, водороддук, электрондук жана химиялык бомбалар, трактор, жүк ташуучу машина, вагон жана параход сыяктуу оор өнөр жай товарлары болобу; же көп керектелүүчү товарлар, жеңил курал-жарактар, лабаратория жана медицина аспаптары, дыйканчылык шаймандары, үй

эмеректери, мебелдер, килемдер ж.б. күндөлүк керектелүүчү товарлар сыяктуу жеңил өнөр жай товарлары болобу, айырмасыз – булардын баардыгын алуу мүмкүн. Себеби, булардын бардыгы мубах экендигине умумий далилдер келген мубах нерселерден болуп эсептелет. Аларды алуу шаръий өкүмдү т.а. мубах деп айткан шаръий өкүмдү алуу жана Расулулла ﷺдын шариятына эргешүү болуп саналат. Анткени, мубах да – важып, мандуб, арам, макрух жана мубахтан турган – буйрук өкүмдөрүнүн бири т.а. ал да бир шаръий өкүм.

4. Ал эми, акыйда жана шаръий өкүмдөргө тиешелүү пикирлер; Ислам дүйнө карашына жана Исламдын турмуштагы назар нуктасына тиешелүү пикирлер; адам проблемаларын чечүүчү өкүмдөр – булардын бардыгы шариатка ылайык болушу важып. Буларды бир гана Ислам шариатынан т.а. вахий жолу менен келген Курандан – Алланын Китебинен; хадистен - Пайгамбар алайхис-саламдын сүннөтүнөн; о.э. Куран жана Сүннөт жолдогон Сахабалардын ижмоъсынан; жана кыястан гана алуу мүмкүн. Ар кандай абалда да, булардан башка булактан алуу мүмкүн эмес.

Мунун далили төмөндөгүчө:

а) - Алла Субханаху ва Таала бизге Расулулла ﷺ алып келген бардык нерсени алуубузду жана ал зат кайтарган бардык нерседен кайтуубузду буйруп айтты:

وَمَا آتَاكُمْ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا

- *"Пайгамбар силерге эмнени алып келген болсо, аны алгыла, эмнеден кайтарган болсо, андан кайткыла".* [59:7]

Бул аяттагы مَا - "эмне" сөзү умумийликти түшүндүрө турган сөздөрдөн болуп, ал Расулулла ﷺ бизге алып келген бардык өкүмдөрдү алууну жана бизди кайтарган бардык нерседен кайтууну важып кылат. Бул аяттан түшүнүлгөн мааниге караганда, биз Расулулла ﷺ алып келбеген булактардан эч нерсени албашыбыз керек.

б) - Алла Таала мусулмандарды өзүнө моюн сунууга жана пайгамбарына моюн сунууга буйруду. Ал айтты:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ

- *"Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга".* [4:59]

Алла Таалага жана пайгамбарына моюн сунуу, Алла Таала пайгамбарына түшүргөн

шариат өкүмдөрүнө гана амал кылуу менен жана аларды гана бекем кармоо менен болот.

в) - Алла Субханаху ва Таала мусулмандарга Алла жана пайгамбары өкүм кылган нерсеге чектелүүнү, ошондой эле талаш-тартыш убагында Алланын жана пайгамбарынын өкүмүнө кайтууну буйруп, айтты:

وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَمْرًا أَنْ يَكُونَ لَهُمْ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ

- *"Алла жана пайгамбары бир ишке өкүм кылган - буйруган убакта, бир да момун эркек жана аял үчүн өз иштеринде ыктыярдуу болушу мүмкүн эмес".* [33:36]

Дагы айтат:

فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ إِنْ كُنتُمْ تُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ

- *Эгерде кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, эгер чындап Аллага жана Акырет күнүнө ишенсеңер, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла!"* [4:59]

г) - Алла Субханаху ва Таала өзүнүн улуу пайгамбарына адамдар ортосунда Алла түшүргөн шариат менен өкүм кылууну жана

андан таптакыр четке чыгып кетпөөнү буйруп айтты:

وَأَنزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ مُصَدِّقًا لِمَا بَيْنَ يَدَيْهِ مِنْ الْكِتَابِ وَمُهَيْمِنًا عَلَيْهِ فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْك

- *"Сага болсо (Эй Мухаммад) өзүнөн алдыңкы китеп(тер)ди ырастоочу жана ал (китептер) үстүндө күбө болгон бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк. Эми адамдар арасында Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын напис-каалоолоруна ээрчип кетпе! Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага (адаштырууга) салып коюуларынан этият болгун".* [5:48-49]

д) - Алла Субханаху ва Таала мусулмандарга бир да нерсени Ислам шариатынан башка жолдордон алууга тыюу салып айтты:

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ

- *"Жок! Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт".* [4:65]

Дагы айтат:

فَلْيَحْذَرْ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ

*- "Пайгамбардын буйругуна тескери иш кыла турган кишилер, өздөрүнө бир тарткылык же катуу азап жетип калышынан этият болушсун!"* [24:63]

Дагы айтат:

يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ

*- «...алардын шайтанга өкүм сурап барууну каалап жатышкандыктарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган эле.* [4:60]

Жана Расулулла ﷺ айткан: "Кимде-ким биздин буйругубуздан болбогон т.а. динибизден болбогон кандайдыр бир ишти кылса, ал иш кайтарылган".

Бул нусус Расулулла ﷺ алып келген бардык нерселерге чектелүү важып экендигин ачык-айкын көрсөтүп турат. Демек, биз бир гана Алла адал кылган нерсени адал, арам кылган нерсени арам дейбиз. Расулулла ﷺ алып келбеген нерсени ала албайбыз жана арам кылбаган нерсени арам кыла албайбыз.

Эгер Алла Тааланын وَمَا آتَاكُمْ - "силерге алып келген нерсе" жана وَمَا نَهَاكُمْ - "силерди

кайтарган нерсе" деген сөздөрүндөгү مَا - "нерсе" сөзү:

فَلْيَحْذَرْ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ

*- "Пайгамбардын буйругуна тескери иш кыла турган кишилер, өздөрүнө бир тарткылык же катуу азап жетип калышынан этият болушсун!"* [24:63]

деген сөзү менен салыштырылса, Расулулла ﷺ алып келген нерселерди гана т.а. шариат өкүмдөрүн гана алуу важып экендиги жана Расулулла ﷺ алып келбеген нерселерди алуу болсо, алуучунун азапка дуушар болушуна алып бара турган күнөө экендиги анык билинет. Чындыгында, Алла Таала Расулулла (Соллаллоху алайхи ва олихи ва саллам)дан башканы өз иштеринде өкүм чыгаруучу кылган кишилердин ыймансыз экендиктерин баяндап, мындай деди:

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ

*- "Жок! Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт".* [4:65]

Бул аят Расулулла ﷺ алып келген шариат гана өкүм чыгаруучу болушу важып экендигине толук далалат кылат. Ошондой эле, буга Алла Таала Өз пайгамбарына, адамдардын Алла ага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан аны буруп, фитнага (адашууга) салып коюуларынан этият болууну буйруганы да далалат кылат. Алла Таала айтат:

وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللَّهُ إِلَيْكَ

- *"Алардын Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан буруп, фитнага салып коюуларынан этият болгун!"* [5:49]

Мындан тышкары, Куран Расулулла (Соллаллоху алайхи ва олихи ва саллам) алып келген шариаттан башка нерсеге т.а. куфр өкүмдөрүнө өкүм сурап барууну каалоочулардын балээге дуушар болууларынын кабарын берип, айтты:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ آمَنُوا بِمَا أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَا أُنزِلَ مِنْ قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ وَيُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُضِلَّهُمْ ضَلَالًا بَعِيدًا

- *(Эй Мухаммад), өэдөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге (Куранга) жана сенден мурунку нерселерге ыйман келтирген деп эсептей*

*турган (айрым) адамдардын шайтанга өкүм сурап барууну каалап жатышкандыктарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган эле. (Анткени), шайтан аларды жолдон бүтүндөй азгырууну каалайт.*
[4:60]

Бул аят, Расулулла ﷺдын шариатынан башка нерселерге өкүм сурап баруу адашуу экендигин көрсөтүп турат. Себеби, ал тогут-шайтанга т.а. куфрга өкүм сурап баруу болуп, Алла Таала мусулмандарды ага ишенбөөгө буйруган.

- Мына ушулардан, батыш дүйнө карашын жана андан келип чыккан түзүм жана мыйзамдарды алуу мүмкүн эмес экендиги көрүнүп турат. Себеби, алар Ислам дүйнө карашына тескери жана карама-каршы. Жетекчилик тууросындагы (т.а. ишкана-мекемелердин ж.б. жетекчилери тууросындагы) түзүм жана мыйзамдар мындан сырткары. Алар мубах нерселерден болгондугу үчүн, аларды алууга болот. Мисалы, Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه Перс жана Римден деван түзүмүн алганы сыңары.

Батыш дүйнө карашы динди турмуштан ажыратуу жана динди мамлекеттен ажыратуу акыйдасына негизделет.

Ислам дүйнө карашынын негизи болсо, Ислам акыйдасы болуп, ал турмуш жана мамлекетти Алланын буйрук жана кайтарууларына т.а. шаръий өкүмдөргө негизделип башкарууну важып кылат.

Батыш дүйнө карашы нак пайда көрүү негизине курулган жана аны бардык иштердин негизги өлчөөсү кылып алган. Батыш дүйнө карашы нак пайда көрүү дүйнө карашы болуп, материалдык пайда кыйматынан башка кыйматтарга көңүл бурбайт. Ошондуктан, андан рухий, инсаний жана ахлакый кыймат табылбайт.

Ислам дүйнө карашы болсо, рухий негизге т.а. Аллага ыйман келтирүү негизине курулган. Ислам дүйнө карашы "адал жана арам"ды турмуштагы бардык иштердин өлчөөсү кылып белгилеген. Ал бардык иштер жана кыйматтарды Алланын буйрук жана кайтаруулары негизинде башкарып турат.

Батыш дүйнө карашында бакыт – адамдын дене ырахаттануулярын мүмкүн болушунча көбүрөөк кандыруу жана адамга анын бардык ыңгайлуулуктарын камсыздоо – болуп саналат.

Ислам дүйнө карашы боюнча, бакыт – бул Алла Тааланын ыраазылыгына жетүү. Анда адамдардын гарыйзаларын жана организм

талаптарын кандыруу шаръий өкүмдөргө ылайык түстө тартипке салынат.

Ушуга караганда, демократиялык башкаруу мыйзамын, капиталисттик экономика мыйзамын жана батыш мамлекеттеринде болгон жалпы эркиндиктерди алуу мүмкүн эмес. Ошондой эле, демократиялык конституция жана мыйзамдарды; падышалык (королдук) же жумурият (республика) түрүндөгү башкаруу түзүмдөрүн; сүткорлукка негизделген банк, биржа жана дүйнөлүк акча базарларын алуу мүмкүн эмес. Себеби, булар куфр түзүмү жана мыйзамдары болуп, алар Ислам өкүмдөрүнө жана мыйзамдарына тескери.

- Батыш дүйнө карашын, андан келип чыккан пикирлерди жана мыйзамдарды алуу мүмкүн болбогондой эле, коммунисттик дүйнө караштыда алуу мүмкүн эмес. Себеби, коммунисттик дүйнө караш да Ислам дүйнө карашына бүтүндөй тескери.

Коммунисттик дүйнө караш төмөндөгү акыйдага негизделген: "Бул барлыктын жаратуучусу жок. Бардык нерселердин түп негизи - материя. Барлыктагы бардык нерсе материалдык өнүгүү жолу менен материядан пайда болот".

Ислам дүйнө карашы негизделген акыйда болсо, төмөндөгүчө: "Алла - бүткүл барлыктын жаратуучусу. Барлыктагы бардык нерсе - Анын махлук-жаратылмышы. Ал Зат адамзатка пайгамбар жана элчилер аркылуу Өз динин жөнөткөн жана адамдарга Өзү алар үчүн түшүргөн буйрук жана кайтарууларга эргешүүнү буйруган".

Коммунисттик дүйнө карашында мыйзам өндүрүш куралдарынан алынат. Себеби, феодализм коомдук түзүлүшүндө өндүрүш куралы балта болуп, андан феодализм түзүмү алынат. Эгер коом өнүгүп капитализмге өтсө, техникалык ыкма (станок) өндүрүш куралына айланат. Андан капитализм түзүмү алынат. Демек, бул дүйнө караштын мыйзамы материалдык өнүгүүдөн алынат.

Ислам дүйнө карашында болсо, Алла Субханаху ва Таала адамга турмуш мыйзамын белгилеп, саййидибиз Мухаммад ﷺды ушул мыйзам менен расул-элчи кылып жиберген. Мухаммад ﷺ бул мыйзамды адамзатка жеткирип, ага ылайык жашоону важып кылды.

Коммунисттик дүйнө караште, материалдык түзүм турмуштагы өлчөө болуп саналат. Анын өнүгүшү менен өлчөө да өнүгүп бара берет.

Ислам дүйнө карашында болсо, адал жана арам, т.а. Алланын буйрук жана кайтаруулары турмуштагы иштердин таразасы болуп эсептелет. Демек, адал кылынат, арам ташталат. Бул өлчөө-тараза өнүкпөйт да өзгөрбөйт. Бул таразага пайда көрүү да, материализм да өкүм чыгаруучу боло албайт. Балким, бир гана шариат өкүм чыгаруучу болот.

Демек, коммунисттик дүйнө караш исламий дүйнө карашка бүтүндөй карама-каршы. Ошондуктан, коммунисттик дүйнө карашты жана анын бир да пикирин же мыйзамын алуу мүмкүн эмес.

Себеби, материалдык өнүгүү; жеке мүлкчүлүктү (жеке менчикти) жоюу; өнөр жай ишканаларына, өндүрүш куралдарына жана жерге жеке адамдардын ээлик кылууларын жоюу пикирлерин алуу мүмкүн эмес. Ошондой эле, адамдарды кудай кылып алуу, жеке адамдын керт башына сыйынуу ж.б.у.с. бул кудайсыздык дүйнө карашынын пикирлерин жана мыйзамдарын алуу да мүмкүн эмес. Булардын бардыгы Ислам акыйдасына жана пикирлерине, анын мыйзамдарына жана өкүмдөрүнө бүтүндөй карама-каршы болгон

куфр пикирлери жана куфр мыйзамдары болуп эсептелет.

• Эми биз демократия өзүнүн пайда болуу булагы, келип чыгуу акыйдасы, курулган негизи, алып келген пикир жана мыйзамдарында Исламга бүтүндөй тескери экендигин баяндоого өтөбүз.

Демократиянын келип чыгуу булагы – адам. Нерселерге жана иштерге жагымдуу же жагымсыз деп өкүм чыгара турган өкүм чыгаруучусу болсо – акыл. Түп негизин алганда, Европа королдору жана императорлору менен алардын элдеринин ортосундагы аёсуз күрөштүн натыйжасында пайда болгон философ жана окумуштуу-пикирдүүлөр демократиянын жаратуучулары болушкан. Демек, демократия адам ойлоп тапкан нерсе болуп, андагы өкүм чыгаруучу да адамдын акылы болот.

Ислам болсо, бүтүндөй мунун тескериси. Ал – Алла Таала Өз пайгамбары Мухаммад ибн Абдулла ﷺга түшүргөн вахий. Алла Таала айтат:

وَمَا يَنْطِقُ عَنْ الْهَوَى إِنْ هُوَ إِلَّا وَحْيٌ يُوحَى

*- "Жана ал (т.а. Мухаммад силерге алып келген Куранды) өз каалоосу менен (оюнан*

*чыгарып) айтпайт. Ал (Куран) бир гана (Алла тарабынан пайгамбарга) вахий кылынып жаткан (түшүрүлүп жаткан) бир вахий".*[53:3-4]

Дагы айтат:

إِنَّا أَنزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةِ الْقَدْرِ

*- "Албетте, Биз аны (Куранды) Кадыр Түнүндө түшүрдүк".* [97:1]

Исламда өкүмдөрдү чыгарууда кайрыла турган өкүм чыгаруучу - Алла Субханаху ва Таала т.а. акыл эмес, шариат. Акылдын иши Алла түшүргөн нусустарды түшүнүүгө чектелген. Алла Таала айтат:

إِنْ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ

*- "Өкүм (чыгаруу) Алланын Өзүнө гана таандык."* [6:57]

Дагы айтат:

فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ

*- Эгерде кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла!"* [4:59]

Дагы айтат:

وَمَا اخْتَلَفْتُمْ فِيهِ مِنْ شَيْءٍ فَحُكْمُهُ إِلَى اللَّهِ

*- "Силер өз ара келише албаган ар бир нерсенин өкүмү Аллага кайтарылат".* [42:10]

- Демократиянын келип чыгуу акыйдасы – динди турумуштан ажыратуу жана динди мамлекеттен ажыратуу акыйдасы. Европада король жана императорлор христиан диндарларын өздөрүнө моюн сундуруп, элди диндин атынан эзүү үчүн, аларга зордук-зомбулук кылуу үчүн жана кандарын соруу үчүн, аларды курал кылып алышкан эле. Бул диндарлар да бардык нерселер дин наамы алдында өздөрүнө көз каранды болушун каалашар эле. Философ жана окумуштуу-пикирдүүлөр болсо, "дин да, диндарлар өкүмдарлыгы да жок болсун" дешти. Булар менен диндарлар ортосундагы "орточо чечим – тил табышуу"нун негизинде, динди турмуштан жана динди мамлекеттен ажыратуу акыйдасы пайда болду жана ал демократиянын негизги акыйдасына айланды.

Бул акыйда динди жок деген жок, бирок, анын турмуштагы жана мамлекеттеги ордун жойду. Ушуну менен бирге, мыйзам белгилөө укугун адамга тапшырды.

Бул акыйда батыштын жана анын пикирлеринин пикирий пайдубалы. Батыш мыйзамы ушул акыйдадан келип чыкты. Батыш өзүнүн пикирий багытын жана турмуштагы көз карашын да ушул акыйда негизинде

белгиледи. Демократия да ушул акыйдадан келип чыкты.

Ал эми, Ислам мунун бүтүндөй тескериси. Ал исламий акыйда негизине курулган. Исламий акыйда турмуштун жана мамлекеттин бардык иштерин Алланын буйрук жана кайтаруулары т.а. шаръий өкүмдөр менен башкарууну важып кылат. Адам мыйзамды өзү белгилөө укугуна ээ эмес. Балким, ал Алла белгилеп берген мыйзамга ылайык жашоосу зарыл. Ушул акыйда негизинде Ислам дүйнө карашы пайда болду жана анын турмуштук назар нуктасы белгиленди.

- Демократия курулган негиз эки фикраттан турат:

1) - Кожоюндук – элдики.
2) - Эл – бийлик булагы.

Тагыраак айтканда, элдин каалоосуна ээлик кылуучу жана аны башкаруучу падыша жана императорлор эмес, балким, элдин өзү. Бул каалоону иш жүзүнө ашыруучу да элдин өзү. Эл сыядат ээси, өз каалоосунун ээси жана башкаруучусу болуу менен мыйзам чыгарууну өз колуна алат. Бул, анын каалоосун өзү башкаруусун жана жалпы эл каалоосун билдирет. Эл депутаттар аркылуу мыйзам чыгаруу ишин аткарат. Ал депутаттарды

өзүнөн өкүл болуп мыйзам чыгаруулары үчүн, өзү шайлайт.

Эл өз пайдасына карап, ар кандай конституция, түзүм жана мыйзамдарды иштеп чыгып, ошону менен бирге, ар кандай конституция, түзүм жана мыйзамдарды жоёт. Эл акимиятты королдуктан республикачылык системасына айландыруу же мунун тескерисин кылуу укугуна ээ. Ошондой эле, республикачылык системасын президенттик башкаруудан парламенттик башкарууга алмаштыруусу же анын тескерисин кылуусу да мүмкүн. Франция, Италия, Испания жана Грецияда жүзөгө келген бийлик системасынын королдуктан республикачылыкка, республикачылыктан королдукка айланышы буга мисал болот.

Ошондой эле, эл экономикалык түзүмдү капиталисттик көрүнүштөн социалисттик көрүнүшкө өзгөртүрүүсү же мунун тескерисин кылуусу мүмкүн. Мыйзам тармагында, ал өз депутаттары аркылуу, бир динден башка динге өтүү же динсиз болуу мүмкүн экендиги жөнүндө мыйзамдарды чыгарышты. Зынакорлукка, баччабоздукка жана ушул жолдорду кесип кылып, акча табууга мыйзамдуу түрдө уруксат беришти.

Эл бийлик булагы болгондон кийин, каалаган акимин шайлайт. Бул аким элге эл өзү чыгарган мыйзамдарды колдонот жана аны ушул мыйзамдар менен башкарат. Акимди кызмат ордунан бошотуу же башка аким менен алмаштыруу да элдин укугу болот. Ал бийлик ээси, аким болсо, өз акимдигин андан алган.

Исламда болсо, кожоюндук үммөттүкү эмес, шариаттыкы. Жалгыз Алла мыйзам чыгаруучу. Үммөттүн бардыгы бириксе да, бир да өкүм чыгаруу укугуна ээ эмес. Эгер бардык мусулмандар экономиканы көтөрүү үчүн сүткордукка; коомдо сойкулук жайылып кетпеши үчүн атайын сойкулук үйлөрүн ачууга уруксат берүүгө; же өндүрүштү өнүктүрүү үчүн жеке менчиктикти же орозонун фарз экендигин жоюуга келишсе, мунун кымындай да мааниси болбойт. Ошондой эле, алар мусулманга каалаган акыйдасына этикат кылуу эркиндигин; мал-дүйнө өстүрүүнүн бардык жолдоруна, арам жол менен болсо да, өстүрө берүү эркиндигин бере турган; турмушунда арак ичип, зына кылып каалагандай жашоосу жана пайдалануусу үчүн жекече эркиндике уруксат бере турган жалпы эркиндиктерди колдонууга келишиисе, мындай келишүүлөрдүн Ислам назарында кыпынчалык

да мааниси жок. Эгер бир топ мусулмандар ушул иштерди кылууга урунушса, алар кайтмайынча, аларга каршы согушуу важып болот. Мусулмандар бардык иштеринде Алланын буйрук-кайтарууларына чектелишкен. Алар Ислам өкүмдөрүнө тескери бир да иш кылуулары туура эмес. Ошондой эле, алар бир да өкүм чыгаруулары мүмкүн эмес. Бир гана жалгыз Алла мыйзам чыгаруучу, Алла Таала айтат:

فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ

*- "Жок! Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт".* [4:65]

Дагы айтат:

إِنْ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ

*- "Өкүм (чыгаруу) Алланын Өзүнө гана таандык".* [6:57]

Дагы айтат:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ آمَنُوا بِمَا أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَا أُنزِلَ مِنْ قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَنْ يَتَحَاكَمُوا إِلَى الطَّاغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوا أَنْ يَكْفُرُوا بِهِ

*- "Эй Мухаммад, өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге (Куранга) жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептей турган айрым адамдардын тогутка өкүм сурап барууну каалап жатышкандыктарын көрбөдүңбү? Негизи, алар ага ишенбөөгө буйрулган эле го? Шайтан аларды жолдон бүтүндөй азгырууну каалайт".* [4:60]

Тогутка өкүм сурап баруу дегени, Алла түшүргөн шариаттан башка нерселерге, т.а. адамдар чыгарган куфр өкүмдөрүнө өкүм сурап баруу дегени.

Алла Таала айтат:

أَفَحُكْمَ الْجَاهِلِيَّةِ يَبْغُونَ وَمَنْ أَحْسَنُ مِنَ اللَّهِ حُكْمًا لِقَوْمٍ يُوقِنُونَ

*- "Алар жахилият (динсиздик) өкүмүн каалашабы? Ыймандары толо болгон кавм (эл) үчүн Алладан да көркөмүрөөк (жакшыраак) өкүм кылуучу ким бар?"* [9:50]

Жахилият өкүмү - Расулулла ﷺ Алланын алдынан алып келбеген, т.а. адамдар өздөрү түзгөн куфр өкүмү. Алла Таала айтат:

فَلْيَحْذَرْ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ

*- "Пайгамбардын буйругуна тескери иш кыла турган кишилер, өздөрүнө бир тарткылык же катуу азап жетип калышынан этият болушсун!"* [24:63]

Алланын Пайгамбары ﷺдын буйругуна тескери иш кылуудан этият болууга кулактандырган иш – бул адамдар чыгарып жаткан мыйзамдарга эргешүү жана Пайгамбар ﷺ алып келген шариатты таштоо иши. Пайгамбар ﷺ айтты: "Кимде-ким биздин буйругубуздан болбогон ишти кылса, ал кайтарылган". Бул хадистеги "буйругубуздан" деген сөздөн көздөлгөн маани – Ислам.

Мындан тышкары, сыядат шариаттыкы, жалгыз Алла гана мыйзам чыгаруучу, адамдар мыйзам чыгаруулары мүмкүн эмес. Адамдар бул дүйнөдөгү бардык иштерин Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык ишке ашыруулары важып экендигин баян кылып берүүчү ондогон катъий аят жана хадистер бар.

Ислам Алланын буйрук жана кайтарууларын ишке ашыруу милдетин мусулмандар желкесине жүктөдү. Алланын буйрук жана кайтарууларын ишке ашыруу болсо, аны иш жүзүндө аткаруучу акимиятка муктаж. Ошондуктан, Ислам үммөткө салтанат укугун,

т.а. Алланын буйрук жана кайтарууларын үммөткө карата колдоно турган акимди тандоо укугун берди. Бул болсо, халифаны тикелөө укугу мусулмандардыкы экендигин жана алар муну Алланын Китеби жана Расулулла ﷺдын Сүннөтүнүн негизинде байъат берип, жүзөгө чыгарууларын баян кылган хадистерден алынган. Расулулла ﷺ айткан: "Кимде-ким мойнунда байъаты болбогон абалда өлсө, динсиздерче өлүптүр". Абдулла ибн Амр рыбаят кылат, Мен Расулулла ﷺдан уктум: "Ким имамга (халифага) байъат кылса, ага алаканынын отун, жүрөгүнүн төрүн берип ахд кылса (убада берсе), мүмкүн болушунча ага итаат кылсын (баш ийсин). Эгер башкасы имамдык талашып келе турган болсо, анын өлтүргүлө", - деди.

Убода ибн Сомит رضي الله عنه рываят кылат: "Биз Расулулла ﷺга капачылык абалыбызда да, курсантчылык абалыбызда да кулак салып, итаат кылууга байъат бердик". Үммөт акимди Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү негизинде байъат берүү жолу менен тикелешин баяндаган булардан башка дагы көптөгөн хадистер бар. Шарият салтанатты үммөткө берди. Үммөт байъат жолу аркылуу өзүн башкара турган акимди бул ишке өзү

тарабынан жардамчы кылып коёт. Бирок шариат, демократия мыйзамындагыдай, акимди кызмат ордунан четтетүү укугун үммөткө берген жок. Буга далил болуп бир нече сахих хадистер келген, алар халифа күнөө ишке буйрубаса эле, зулм, зордук-зомбулук кылса да, ага итаат кылууну важып кылат. Ибн Аббас رضي الله عنه рываят кылат, Расулулла ﷺ: "Кимде-ким амиринен жактырбай турган нерсени көрсө, сабыр кылсын. Себеби, ким жамааттан бир карыш бөлүнсө, анан өлсө, анын өлүмү динсиздерче өлүм болот", - деди. Авф ибн Малик رضي الله عنه айтат, Мен Расулулла ﷺдын ушундай деп жатканын уктум: "... имамдарыңардын жамандары – силер аларга, алар силерге наалат айта тургандары". Биз: "Эй Расулулла, мындай абалда аларга каршы согуш кылбайбызбы?" - дедик. Ал зат: "Жок, ал силердин араңарда намазды өтөп жаткан болсо, (аларга каршы чыкпайсыңар). Эсиңерде болсун, кимде-ким өз валийсинин (башчысынын) кандайдыр бир күнөө ишти кылып жатканын көрсө, кылып жаткан күнөөсүн жаман көрсүн, бирок итааттан баш тартпасын", - деди. Бул хадистеги "намазды өтөө" – "Ислам менен өкүм жүргүзүү" –

маанисин берет. Бул “бөлүктү айтуу менен бүтүндүктү түшүндүрүү” коидасына кирет.

Акимден ачык куфр жүзөгө чыкканда гана ага каршы чыгуу мүмкүн болот. Убода ибн Сомиттин байъат жөнүндөгү хадисинде бул тууралуу мындай делет: “Биз Расулулла ﷺга байъат бердик, ал зат бизден кызыгып турганыбызда да, жактырбай турганыбызда да, кыйынчылыгыбызда да, кеңчилигибизде да кулак салып итаат кылууга, өзгөлөрдү (өзүнөн) артык көрүүгө, жетекчиликти ээсинен талашпоого байъат алды. Жана айтты: “Бир гана куфрдү көргөн учуруңарда, бул тууралуу силердин Алла тарабынан катъий далилдериңер болсо, (талашууңар мүмкүн)”.

Халифаны милдетинен четтетүү укугуна бир гана “махкаматул-мазолим” (зулум, адилетсиздикке тиешелүү иштерди карай турган бөлүм) гана ээ болот. Себеби, халифаны милдетинен четтетүүгө себеп боло турган жана аны зарыл кылып коё турган иштердин кайсы биринин жүзөгө чыгышы, жоюулушу зарыл болгон адилетсиздиктерден болуп эсептелет. Ошондой эле, бул адилетсиздик далилдөөгө муктаж болуп, аны казынын алдында далилдөө шарт. Махкаматул-мазолим Ислам мамлекетиндеги

адилетсиздиктерди жоюу иштерин алып баргандыгы үчүн жана анын казысы адилетсиздикти далилдеп, моюнга коюу жана ага өкүм чыгаруу укугуна ээ болгондугу үчүн, махкаматул-мазолим жогорудагы абалдардын кайсы бири жүзөгө чыккан же чыкпаганын аныктайт жана халифаны милдетинен четтетүү маселесин да ал чечет.

- Демократия – бул көпчүлүктүн башкаруусу жана көпчүлүк тарабынан мыйзам иштеп чыгаруу. Акимдер, парламент мүчөлөрү, жогорку башкаруу органдары, өкмөт жана комитет мүчөлөрү көпчүлүк тарабынан шайланат. Ошондой эле, парламенттерде мыйзам чыгаруу, бардык кеңештерде, өкмөт аппараттарында жана комитеттерде токтомдорду кабыл алуу көпчүлүктүн пикири менен болот.

Ошондуктан, демократия түзүмүндө көпчүлүк бардыгына - акимге да, аким эместерге да - өз өкүмүн өткөзөт. Себеби, көпчүлүктүн пикири элдин каалоосун билдирет. Азчылык болсо, көпчүлүктүн пикирине моюн сунушу жана итаат кылышы зарыл.

Исламда болсо, иш бүтүндөй башкача.

Мыйзамчылыкка таандык иштер көпчүлүктүн да, азчылыктын да пикирине байланыштуу

эмес. Ал бир гана шаръий нусустарга негизделет. Анткени, мыйзам чыгаруучу жалгыз Алла, үммөт эмес. Коомдун иштерин башкаруу жана бийликти жүргүзүү үчүн зарыл болгон өкүмдөрдү табанний кылуу укугуна ээ адам бир гана халифа болот. Ал өкүмдөрдү туура ижтихат жана эң күчтүү далилге негизделип, Алланын Китебинде жана Пайгамбардын Сүннөттүндө келген шаръий нусустардан алат. Халифа мыйзамдаштырууну каалап жаткан өкүмдөр тууралуу Үммөт Межлисине пикир алуу үчүн кайрылуусу важып эмес. Хулафои рошидиндер (эң туура жолдо жүргөн халифалар) кандайдыр бир өкүмдү табанний кылышмакчы болушса, сахабаларга пикир алуу үчүн кайрылышчу. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه Шам (Сирия), Мисир (Египет) жана Ирак өлкөлөрүндөгү фатх кылынган жерлер тууралуу өкүмдү табанний кылмакчы болгонунда, мусулмандардан кеңеш сураган.

Эгер халифа табаний кылып жаткан өкүмдөр тууралуу Үммөт межлисине пикир алуу үчүн кайрылса, межлистин пикирин алууга мажбур эмес, ал бардык адамдардыкы же көпчүлүктүкү болсо да. Расулулла ﷺ Худайбия келишиминде, келишим түзүүгө каршылык билдирген мусулмандардын пикирин кабыл

албады, алар көпчүлүк болсо да. Алардын пикирин кайтарып, келишим түзүүгө бекем турду. Аларга болсо: "Мен Алланын пендесимин жана элчисимин. Эч качан Ал заттын буйругуна тескери иш кылбаймын", - деди. Улуу сахабалар ушундай ижмоъ кылышкан (келишишкен). Имам (халифа) белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылууга жана ага амал кылууга буйруу укугуна ээ. Мусулмандар болсо, өз райларын, пикирлерин таштап, ушул өкүмдөргө итаат кылуулары важып. Мындан төмөндөгү коидалар истинбат кылынган: "Имамдын (халифанын) буйругу ихтилофту (карама-каршылыкты) жоёт". "Имамдын буйругу ашкере абалда да, жашыруун абалда да өз күчүндө болот". "Султан жүзөгө чыгып жаткан проблемалардын көлөмүнө карай өкүмдөрдү чыгарышы мүмкүн". Мындан тышкары Алла Субханаху ва Таала өкүмдөргө моюн сунууга буйруп мындай дейт:

أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ

*- "Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон (мусулман) акимдерге моюн сунгула.* [4:59]

Ошондой эле, билим, пикир жүргүзүү жана изденүүгө муктаж боло турган илим, техника

жана пикирге тиешелүү иштерде да, азчылык же көпчүлүккө эмес, балким, тууралыкка көңүл бурулат. Жана бул иштердин вокыйлыгын биле ала турган ушул тармактын адистерине кайрылынат. Себеби, аскердик иштерде, ушул тармактын билимдүү адистери болгон аскер адамдарына; фикхий маселелерде мужтахиттерге, факихтерге; медицинада күчтүү дарыгерге; курулуш иштеринде ишкер инженерлерге; пикирий иштерде күчтүү пикирдүүлөргө кайрылынат.

Демек, бул иштерде көпчүлүккө эмес, тууралыка көңүл бурулат. Тууралык болсо, өз ордунан т.а. көпчүлүктөн эмес, балким, ушул тармактын адистеринен алынат.

Парламент мүчөлөрү болсо, мусулмандар өлкөлөрүндөгүсү да, батыштагысы да бул иштер боюнча адистикке, билимге жана маалыматка ээ эмес. Ошондуктан, бул иштерде парламент мүчөлөрүнүн көпчүлүгү берген пикирдин пайдасы да, кыйматы да жок. Алардын ыраазылыгы же каршылыгы билим, түшүнүк жана илим негизинде эмес, балким, үстүртөн, кара күчкө эле болот. Ошондуктан, мындай иштерде көпчүлүктүн пикири мажбурий болуп саналбайт. Буга далил: Расулулла ﷺ Бадр согушунда Хаббоб ибн

Мунзирдин пикирине ыраазы болгондугу. Хаббоб жайларды (стратегиялык орундарды) жакшы билчү. Ал Расулулла ﷺга, эгер вахий аркылуу болбогон болсо, түшкөн ордун өзгөртүүнү, бул жер согуш үчүн ыңгайлуу эмес экендиги тууралуу кеңеш берди. Ошондо Расулулла ﷺ анын пикирине ыраазы болду жана ал белгилеп берген орунга түштү. Бул тууралуу сахабалардан кеңеш сурабады.

Бирок, терең пикирге, илимге жана изденүүгө муктаж болбостон ишке ашыруу мүмкүн болгон иштерде болсо, көпчүлүктүн райы-пикири алынат. Себеби, мындай иштерди көпчүлүк биле алат жана көрүлүп жаткан пайдага карап, бул жөнүндөгү өз пикирлерин оңой эле билдирүүлөрү мүмкүн. Мисалы, баланчаны шайлайбызбы же жокпу? Жолго эртең менен чыгабызбы же түнкүсүнбү? Самалётко отурабызбы, кемегеби, же поездгеби? ж.б.у.с. Буга окшогон иштерди ар бир адам түшүнө алат жана бул тууралуу өз пикирин билдире алат. Ошондуктан, бул жаатта көпчүлүктүн пикири эсепке алынып, ал кабыл алынат, ал мажбурий болот. Буга далил Ухуд согушуна чыгуу окуясы. Чындыгында, Расулулла ﷺ менен улуу жаштагы сахабалардын пикири Мадинадан чыкпоо эле.

Көпчүлүк, айрыкча, жаштар, Курайшты шаардын сыртында тосуу үчүн Мадинадан чыгуу пикиринде эле. Пикирлөө Мединадан чыгуу же чыкпоо жөнүндө болду.

Көпчүлүк чыгууну талап кылган соң, Расулулла ﷺ алардын пикирин кабыл алып, улуу сахабалардын пикирин кабыл албады. Курайшты тосуу үчүн Ухудга чыгышты.

- Жалпы эркиндиктер фикраты демократиялык пикирлердин эң көзгө көрүнүктүүсү жана демократия негиздеринин бири. Ар бир адам ушул эркиндиктер менен өз каалоосуна өзү ээ болуу жана аны эч кандай кысым же зордук-зомбулуксуз өзү каалагандай башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Коомдун ар бир адамы үчүн жалпы эркиндиктер толук камсыздандырылса гана, эл өзүнүн жалпы каалоосун билдире алат.

Жеке адамдын эркиндиктери, демократия мыйзамында ыйык. Ага мамлекет да, башка жеке адамдар да кол салышы мүмкүн эмес. Капиталисттик демократия түзүмү жеке адам түзүмү болуп саналат. Бул мыйзамда жалпы эркиндиктерди коргоо жана көзөмөлдөө мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринен болуп эсептелет.

Демократиядагы жалпы эркиндиктер колония кылынган элдердин – аларды эксплуатациялап, байлыктарын тартып алып, талап-тоноп жаткан мамлекеттердин чеңгелинен – азат болуусу дегени эмес. Себеби, колониялаштыруу фикраты – демократиядагы мүлк эркиндигинин натыйжаларынан.

Ошондой эле, бул эркиндиктер, кулчулуктан азат кылуу, эркин болуу маанисин да билдирбейт. Себеби, бүгүнкү күндө биздин дүйнөбүздө кулчулук жок.

Жалпы эркиндиктер болгону төмөндөгү эркиндиктерди билдирет. Алар:

1. Этикат эркиндиги.
2. Пикир эркиндиги.
3. Мүлк эркиндиги.
4. Жеке адам эркиндиги.

Бул жалпы эркиндиктердин бир да түрү Исламда жок. Мусулман эч бир иште эркин болбойт, ал бардык иштеринде шаръий өкүмдөр менен чектелген. Исламда кулду азат кылуудан башка бир да эркиндик жок. Кулчулук болсо, качан эле жоюлуп бүткөн.

Бул төрт эркиндик да Исламга жана анын өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери. Мунун баяны төмөндөгүчө:

● Этикат эркиндигинин мааниси мындайча, адам эч кандай кыйноо-кыстоосуз же зордук-зомбулуксуз каалаган акыйдасына этикат кылууга жана жактырган динин кабыл алууга акылуу. Ошондой эле, өзүнүн акыйдасын таштап, жаңы акыйда жана жаңы динге өтүүсү, же динсиз болушу мүмкүн. Тагыраак айтканда, адам ушул иштерди эч кандай кыйноо-кыстоосуз, зордук-зомбулуксуз бүтүндөй эркиндик менен кылуу эркиндигине ээ. Мисалы, мусулман бүтүндөй эркиндикте христиандыкка, же жөөттүүлүккө, же бутпарастыкка, же болбосо, коммунисттикке өтүп кетүүсү мүмкүн. Мамлекет да, башкасы да аны бул иштен кайтаруу укугуна ээ эмес.

Негизи болсо, Ислам, мусулман Ислам акыйдасын таштап, жөөт же христиан, бутпарас же коммунист, же капиталист болуусун, т.а. муртад болушун (динден кайтуусун) арам кылды. Кимде-ким муртад болуп, Исламдан чыкса, андан тообо (кылган күнөөсү үчүн кечирим суроо) талап кылынат. Эгер тообо кылып кайтса, кабыл алынат. Эгер кайтпаса өлтүрүлөт, мал-мүлкү мусодара (конфискация) кылынат, никеси ажыратылат. Расулулла ﷺ: "Кимде-ким динин өзгөртсө, аны өлтүргүлө", - деген.

Эгер муртаддар бир жамаат болсо жана муртаддыгында катуу туруп алса, динге кайтмайынча же кырылып бүтмөйүнчө, алар менен күрөшүлөт. Буга Расулулла ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин жүз берген муртаддар окуясы мисал болот. Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه алар менен, алардын тирүү калгандары Исламга кайтканга чейин, аёсуз күрөшкөн.

- Пикир эркиндигинин мааниси мындайча, ар бир адам ар кандай рай жана пикирге ээ болууга, аны айтууга жана ага даъват кылууга акылуу. Бул рай жана пикир кандай болбосун, бул жаатта адам эркин, пикир эркиндиги үчүн эч кандай чегара, чектөө жок, ошондой эле, жогорудагы пикирди уруксат берилген ар кандай ыкма менен билдирүү мүмкүн. Ал пикир башкалардын эркиндигине кол салбаса эле, мамлекеттин да, башкалардын да, аны бул иштен кайтарууга таптакыр акысы жок. Себеби, адамдын кандайдыр бир пикирге ээ болушун же ушул пикирди билдирүүсүн, же ушуга даъват кылуусун кайсы жол менен болсо да кайтаруу – эркиндике кол салуу болуп эсептелет.

Исламда болсо, мусулман бардык иштеринде жана сөздөрүндө шаръий нусустар келтирген өкүмдөргө чектелген. Ал бир гана шаръий

далилдер уруксат берген ишти кылуусу же сөздү сүйлөөсү мүмкүн. Ушуга караганда, мусулман шаръий далилдер уруксат берген ар кандай пикирге ээ болушу, аны айтышы жана ага даъват кылышы мүмкүн. Эгер шаръий далилдер кайтарса, мусулман үчүн мындай пикирге ээ болуу, аны айтуу жана ага даъват кылуу таптакыр мүмкүн эмес. Эгер бул иштерди кылса, жазаланат. Демек, мусулман пикирге ээ болууда да, аны айтууда да, ага даъват кылууда да эркин эмес, балким, ал шаръий өкүмдөр менен чектелген.

Ислам акыйкат сөздү бардык убакта жана бардык жерде айтууну важып кылды. Убада ибн Сомиттин байъат жөнүндөгү хадисинде мындай делет: "Биз Расулулла (Саллаллоху алайхи ва олихи ва саллам)га ... кайсыл жерде болсок да, жаманатты кылуучунун жаманатты кылуусунан коркпостон, акыйкат сөздү айтууга байъат бердик".

Ошондой эле, Ислам мусулмандарга акимдердин алдында пикирди ашкере айтууну жана алардын иштерин тергеп туруууну важып кылды. Умму Атийя رضي الله عنه Абу Саид رضي الله عنهдан рываят кылат, Абу Саид айтат: Расулулла ﷺ: "Жихаддын эң абзели заалым султандын алдында айтылган акыйкат сөз", - деди. Абу

Умома рываят кылат, Расулулла ﷺ Акаба байъатында, "Эй Расулулла, кайсыл жихад абзел?" деп сураган кишиге, "Заалым султандын алдында айтылган акыйкат сөз" деп жооп берди. Расулулла (Саллал-лоху алайхи ва олихи ва саллам) айткан: "Шейиттердин саййиди (эң улугу) Хамза; жана заалым имам алдында туруп, ага насаат кылган, анан имам аны өлтүргөн киши".

Бирок булар, пикир эркиндиги эмес, балким, булар шаръий өкүмдөр менен чектелүү. Шаръий өкүмдөргө караганда, пикир айтуу кээ бир абалдарда мубах, кээ бир абалдарда важып болот.

- Мүлк эркиндиги болсо, экономикада капитализм түзүмүн, ошондой эле, элдерди колония кылуу, байлыктарды талап-таноо жана өзүнүкү кылып алуу фикратын жүзөгө чыгарган эркиндик болуп саналат. Бул эркиндик, адам эң оболу мүлккө ээ болуп, андан кийин, аны ар кандай ыкма жана жолдор менен өстүрүүсү мүмкүн деген маанини билдирет. Тагыраак айтканда, адам мүлккө ээ болуу жана мүлкүн өстүрүү үчүн колония кылуу, колония кылынган элдердин байлыктарын талап-таноо жана уурдоо, монополия, сүткордук, соода малынын (товардын) айыбын жашыруу,

афeристтик, анын баасын өтө арзандатып же кымбаттатып жиберүү, кумарпоздук, сойкулук, баччабоздук, спирттик (мас кылуучу) ичимдиктер өндүрүшүн жана соодасын жүргүзүү, паракорлук, аялзатынын аялдыгынан пайдалануу жана булардан башка ыкмаларды колдонушу мүмкүн.

Исламдын мүлкчүлүк жөнүндөгү өкүмдөрү бул эркиндикке тескери. Ислам элдерди колония кылуу, алардын байлыктарын талап-тоноо жана өздөштүрүп алуу фикратына каршы күрөшөт. Ошондой эле, сүткордуктун бардык түрлөрүн, көп пpoценттүүсүнө да, аз проценттүүсүнө да тыюу салат. Ислам мүлккө ээ болуу жана аны өстүрүү себептерин, аны башкаруу жолдорун анык белгилеп берди жана булардан башкаларын арам кылды. Мусулманга мүлккө ээ болуу, аны өстүрүү жана иштетүүдө ушул себеп жана жолдорго чектелүүнү важып кылды. Тагыраак айтканда, аны бул тармакта каалагандай иштете турган кылып эркин таштап койбоду. Балким, аны шаръий өкүмдөр менен чектеп койду. Ага каракчылык, талоончулук, уурулук, паракордук, сүткордук, кумарпоздук, сойкулук, баччабоздук аркылуу байлык арттырууну жана өстүрүүнү арам кылды. Ошондой эле, товардын

айыбын жашыруу, аферисттик, товардын баасын өтө арзандатып же кымбаттатып жиберүү, мас кылуучу ичимдиктер өндүрүшү жана соодасы, аялдын аялдыгынан пайдалануу жана башка кайтарылган себептер аркылуу мүлккө ээ болууну жана аны өстүрүүнү арам кылды.

Булардын баардыгы мүлккө ээ болуу жана аны өстүрүүнүн кайтарылган себептери болду. Булардын жардамында колго киргизилген ар кандай мал-мүлк мусулман үчүн арам болот жана мындай иштерди кылган киши жазаланат.

Мына ушулардан, Исламда мүлк эркиндигинин жоктугу, балким, мусулман мүлккө ээ болууда жана аны иштетүүдө шариат өкүмдөрүнө чектелгендиги жана алардан четке чыгышы мүмкүн эместиги көрүнүп турат.

● Жеке адам эркиндиктери болсо, ал бардык чектөөлөрдөн бошонуу жана рухий, ахлакый, инсаний кыйматтардан кутулуу эркиндиги о.э. үй-бүлөнү бөлүп-жаруу жана анын өзүн да, биримдигин да жок кылуу эркиндиги болуп эсептелет. Бул эркиндиктин атынан адамды кыйроого, бүлүнүүгө алып баруучу бардык иш чаралар кылынат, арамдар адалга айландырылат. Бул эркиндик батыш коомдорун

адам үчүн өтө шерменделүү болгон айбандык даражадагы коомдорго айлантты. Коомдун элин болсо, айбандар даражасынан да төмөнкү даражага түшүрүп койду.

Бул эркиндик мындайча чечим чыгарды:
адам өзүнүн жеке турмушун жана турмуш жолун өзүнө жаккандай кылып, толук эркиндик менен башкарууга укуктуу. Мамлекеттин да, башкасынын да анын кылмакчы болгон иш тутумуна же турмуш жолуна тоскоолчулук кылууга укугу жок. Ал адамга шуркуялык, баччабоздук, айымсойкулук, араккордук жана башка ар кандай бузук жана жийиркеничтүү иштерди эч кандай чектөөсүз, мажбур кылынбастан, толук эркиндик менен кылууга уруксат берди.

Ислам өкүмдөрү жеке адам эркиндигине бүтүндөй тескери, Исламда жеке адам эркиндиги жок. Мусулман бардык иш-аракеттеринде Алланын буйрук жана кайтаруулары менен чектелген болуп, Алла арам кылган ишти кылуусу арам болот. Эгер кайсы бир арам ишти кылууга киришсе, күнөөкөр болот жана катуу жазаланат.

Ислам баччабоздук, айымсойкулук, шуркуялык, араккордук жана булардан башка адамды кыйроого, бүлүнүүгө алып баруучу

иштерди арам кылды. Алардын ар бирине катуу жаза белгиледи.

Ислам жыгымдуу адеп-ахлак, мактоого ылайык сапаттарга ээ болууга буйруду. Ислам исламий коомду таза жана абийирдүү коомго, жогорку кыйматтар коомуна айландырды.

Демек, жогорудагылардан ушулар ачык-айкын болот: батыштын дүйнө карашы, кыйматтары, демократиясы жана жалпы эркиндиктери – булардын бардыгы Исламга жана анын өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери жана карама-каршы. Булар куфр пикирлери, куфр дүйнө карашы, куфр түзүмдөрү жана куфр мыйзамдары болуп эсептелет. "Демократия Исламдан, ал шоронун, амру маъруф жана нахий мункардын о.э. акимдерди тергөөнүн дал эле өзү" делиниши наадандык жана адашуудан башка нерсе эмес.

Шоро, амру маъруф, нахий мункар жана акимдерди тергөө – булар шаръий өкүмдөр. Аларды Алла Таала белгилеген жана мусулмандарга аларды шаръий өкүмдөр деп кабыл алууну жана алар менен чектелүүнү буйруган.

Ал эми демократия болсо, шаръий өкүм да эмес, Алла түзүп берген мыйзамчылык да эмес.

Балким, ал адамдар ойлоп тапкан нерсе жана алар түзгөн мыйзамчылык.

Ал шоро эмес, шоро – бул кеңешүү, пикир билдирүү дегени. Демократия болсо, ал турмуш тууралуу белгилүү бир көз караш о.э. адамдар акылдары менен ойлоп тапкан, асмандан түшүрүлгөн вахийге эмес, балким, акылдары көрсөткөн пайдага негизделип конституция, түзүм жана мыйзамдар чыгарып жаткан мыйзамчылык болуп саналат.

Ошондуктан, мусулмандардын аны кабыл алуулары же ага даъват кылуулары, анын негизинде партиялар түзүүлөрү жана турмуштук көз караш кылып алуулары арам. Ошондой эле, аны турмушка колдонуу, конституция жана мыйзамдарга негиз же булак кылуу, таалим кылып алуу же таалим үчүн негиз кылып алуу да арам.

Мусулмандар аны бүтүндөй ыргытып таш-тоолору важып. Себеби, ал нажас, ал шайтандын өкүмү, ал өзү куфр, ал куфр пикирлери, куфр түзүмү жана куфр мыйзамдары. Анын Исламга эч кандай байланышы жок.

Ошондой эле, мусулмандар Исламды турмушта, мамлекетте жана коомдо толук түстө колдонуулары важып.

وَمَنْ يُشَاقِقْ الرَّسُولَ مِنْ بَعْدِ مَا تَبَيَّنَ لَهُ الْهُدَى وَيَتَّبِعْ غَيْرَ سَبِيلِ الْمُؤْمِنِينَ نُوَلِّهِ مَا تَوَلَّى وَنُصْلِهِ جَهَنَّمَ وَسَاءَتْ مَصِيرًا

*- "Кимде-ким акыйкат жолду анык билгенден кийин пайгамбарга тескери иш кылса жана момундардын жолдорунан башка жолго эргешип кетсе, Биз аны кеткен жагына коё беребиз. Андан соң, аны тозокко киргизебиз. Ал кандай гана жаман жай!"* [4:115]

Алланын жардамы жана фазли менен 1410-хижрий жылы, зулкаъда айынын үчүнчүсүндө, жекшемби күнү; 1990-мелодий жылы, жыйырма жетинчи май күнү аяктады.